Кырг

А. КАДЫРОВ

ЖАРАТЫЛЫШТЫ УКУКТУК КОРГОО



А. КАДЫРОВ

ЖАРАТЫЛЫШТЫ УКУКТУК КОРГОО

ФРУНЗЕ «МЕКТЕП»
1986

67. 99(2) 5
К 13

Кадыров А.

К 13 Жаратылышты укуктук коргоо — Ф.: Мектеп, 1986.—40 бет.

Бул китепчеде жаратылышты коргоо укуктук нормалары, мекемелердин, жеке адамдардын милдеттери конституциялык жоболорго ылайык түшүндүрүлүп, ал боюнча мамлекеттик, коомдук жана жаштар уюмдарынын аткарган иштери жалпыланган.

Китеп жогорку класстын окуучуларына жана жалпы эле окурмандардын кеңири массасына арналат.

К $\frac{1203090000—155}{М\ 452\ (17)—86}$ 23. 86

ББК 67. 99(2) 5+74. 200. 51

© «Мектеп» басмасы, 1986-жыл.

ЖАРАТЫЛЫШТЫН УКУКТУК ЖАКТАН КОРГОЛУШУ

Жаратылышты коргоо азыр мамлекеттик маанилүү милдеттердин бири болуп калды. Аны ийгиликтүү чечмейин эл чарба пландарын орундатуу, азыркы жана болочок муундардын жыргал турмушун камсыз кылуу, дегеле жер жүзүндө беймарал жашоо кыйын. Бул келечектен күдөр үзбөгөн алдыңкы көз караштагы ар бир адамга маалим. Ошон үчүн бул маселе прогрессчил адамзат алдында курч коюлуп отурат.

Жаратылыш ушу турушунда эле өтө март, бирок аны түгөнбөс, бузулбас, кыйрабас нерсе деп ойлоого болбойт. Ошондуктан түбөлүк жашоо мийзамын туу туткандар аны кыянаттык менен пайдаланууга, обу жок ысырап кылууга акысы жок. Сарамжалдуулук сапат адамга ошо табияттын өзүнөн оошкон, демек, ал өзүнө да ошондой мамилени талап кылат. Ал талап орундалганда гана адам менен жаратылыштын улуу биримдиги, бири-бирин толуктап, бири-бирисиз жашай албас байланышы келип чыгат. Бул карымкатнаш адам өз жыргалчылыгын көздөп жаратылыш байлыгын калпып алып жаткандан гана эмес, анын аң-сезимдүү кулуну, бөксөсүн толтуруп, учугун улап туруучу камкор жөнгө салгыч болгондугунан да сезилип турат. Адам ал озийпасын орундай албай калганда, жаратылыш жардыланып, дайым эле марттыгын кармата бербейт. Биз муну жердин кунары качып, айбанаттар жер оогондон, деңиз, дарыялар ууланып, балыктар кырылгандан, айрым айбанаттар жок болуп кетүү коркунучунда калганынан улам билебиз. Кээде аларды сактап калуу чарасы болгон Кызыл китептин киргизилишинен да баамдайбыз.

Илимий-техникалык илгерилөө доорунда коомдун жаратылышка таасири ушунчалык күчөгөндүктөн, анын кесепети эми адамдын өз өмүрүнө тийүү коркунучу турат. Келечек муундун жашоосу да ушу бүгүнкү адамдардын жаратылышка сарамжал, камкор мамилесине көз каранды экени калетсиз. «Азыр жашап жаткандар, биздин бардыгыбыз, жаратылыш үчүн урпактардын алдында, тарыхтын

алдында жоопкербиз»,— деп айткан М. С. Горбачев КПССтин XXVII съездинде сүйлөгөн сөзүндө. Бул озийпабызды орундатмайын бу дүйнөгө келген бийик муратыбызды өтөдүк деп айта албайбыз. Ошон үчүн жаратылышты коргоо, анын байлыктарын сарамжал пайдалануу азыркы күндүн өтө курч социалдык, экономикалык, укуктук, илимий жана уюштуруучулук маселелеринен болуп отурат.

Техникалык кубаттуу күчтөрдү ченемсиз кийре берүүдөн табигый процесстер олуттуу олку-солкулуктарга дуушар болуп, ошонун айынан жер, аба, суу, жаныбарлар жабыр тартып жаткан учурлар жок эмес. Ушундай жагдайга жаратылышты коргоого, айлана-чөйрөнү сактап калууга анча көңүл бөлбөй, маани бербей коюу табигый байлыктардын ысырап болуп, кээде орду толбос кесепетке айланышына алып келет. Ичер суунун жетишсиздиги, абанын булганышы, кыртыштын эрозияга учурашы, кен байлыктардын азайышы азыр, тилекке каршы, планетабыздын айрым жерлеринде реалдуу көрүнүш болуп калды. Бул маселе айрыкча капиталисттик өлкөлөрдө курч. Аерде утурумдук мүдөө үчүн ысырап болуп жаткан жаратылыш байлыктары планетанын бир коңулунан түгөнүп, экинчи бир коңулуна кесепетин тийгизүүдө, башкача айтканда, табигый тең салмактуулуктагы оош-кыйыш бүтүндөй жаратылышка доо кетирүүдө. Өндүрүш каражаттарына жана табигый байлыктарга болгон жеке менчик, жаратылыштын чамасына карабай киреше үчүн баарын ысыраптай берүү акыры барып экономикалык кырсыкка кабылууда. Бул жагынан социалисттик түзүлүштүн жаратылыш маселесинде артыкчылыгы бар. «Социализм өзүнүн өндүрүштү пландуу уюштурушу жана гумандуу көз карашы менен коомдун жана жаратылыштын ортосундагы өз ара мамилелерге шайкештик киргизүүгө жөндөмдүү» деп айткан М. С. Горбачев КПССтин XXVII съездинде.[1]

Жаратылышка жаңыча — акыл-эстүүлүк менен сарамжал мамиле кылуу бардык жаратылыш байлыктарына коомдук менчиктен көрүнөт. Социалисттик коомду түзүүчү кеменгер Ленин мурастаган бул менчик СССРдин негизги закону болгон Конституцияда да бекемделген. Анын II-статьясында: жер, анын кендери, суу жана токой мамлекеттик менчикте деп айтылган. Демек, аларды коргоо турмуштук, адамдык мийзамыбызга төп.

Жаратылышты коргоо деп табигый байлыктарды сарамжал пайдаланууга жана ордун калыбына келтирип турууга,

---

[1] Горбачев М. С. Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын XXVII съездине КПСС Борбордук Комитетинин саясий доклады.

айлана-чөйрөнү булганууудан жана материалдык, маданий керектөөлөрдү канааттандыруу максатында бүлүндүрүүдөн сактоого багытталган мамлекеттик жана коомдук иш чаралардын өзүнчө бир системасын түшүнүү керек. Ал эми жаратылыштын укуктук жактан корголушу — бул иш чаралардын, маселелердин, илимдин тыгыз байланышкан комплекси. Булардын баары адамзаттын кызыкчылыгы үчүн кызмат кылат. Алар жаратылыштын закон ченеминен, адамдардын жашоо муктаждыгынан келип чыккан.

Ф. Энгельс жаратылыш акыл-эстүү мамиле кылбаганды кечирбей турганын белгилеп, жаратылыштын үстүнөн болгон ар бир жеңиш биринчи кезекте биз таяна турган натыйжалар, ал эми экинчи, үчүнчү кезекте биз таптакыр болжобогон башка кесепеттер экенин, алар көбүнчө биринчисинин маанисин басып коёрун айткан (Маркс К. Энгельс Ф., 20-т. 495—496-б.). К. Маркс болсо өзүнүн алгачкы эмгектеринде эле адам менен жаратылыштын чыныгы эришаркак мамилеси коммунисттик коомдо гана түзүлөрүн далилдеп көрсөткөн. Алардын бул пикирин Ленин иш менен бекемдеп, адамды жаратылыштын бирден бир коргоочусу, камкор ээси кылды. Ал милдет мийзам жоболорунан татыктуу орун таап, адам менен жаратылыштын өз ара мамилесин бири-биринен бөлүп карагыс кылып жуурулуштурду. Жаратылышка сарамжал мамиле кылуунун негизги принциптери Совет бийлигинин биринчи эле жылдары В. И. Лениндин жетекчилиги жана анын активдүү катышуусу менен иштелип чыккан. «Жер жөнүндөгү» лениндик декретке 1917-жылы 26-октябрда кол коюлуп, 1918-жылдын майында «Токой жөнүндөгү негизги закон», 1920-жылы августта «Токой өртүнө каршы күрөш жөнүндөгү» Эмгек жана коргонуу советинин токтому жарык көрдү. Ошол алгачкы жылдары жаңы мамлекеттин жаңы орчундуу маселелери боюнча кечиктирилгис чаралар көрүлүп, бардыгы закондуу негизде бекемделип жатты. 1917-1925-жылдары эле 234 декрет жана токтом кабыл алынып, анын токсон төртүнө Ленин өзү кол койгон. Тарыхта жерди, токойду сактоо, корук иштерин уюштуруу, мергенчилик жана балык улоону жөнгө салуу, суу ресурстарын жана пайдалуу кендерди коргоо боюнча ушунчалык чоң камкордук көрүлгөн бир да мамлекет болгон эмес. Жашоо маңызында ыймандуулук көрөңгөсү жаткан мамлекетибиздин бул айныбас принциби жол башчыбыздын ырааттуу жана эл камы үчүн жүргүзгөн ишинин түздөн түз уландысы. Буга бир жөнөкөй мисал күбө. 1919-жылы Москвада отун маселеси өтө оордоп турганда, Сокольникидеги токойду кыйгандары үчүн аябай кейиген экен. Бул жөнүндө В. И. Лениндин шоферу С Гил-

дин минтип айтканы бар: «...жыты буруксуган калың токойго жеткенде Владимир Ильич жакында эле кыйылган кызыл карагайлар менен кайындардын дүмүрүн көрүп, аябай кейиди.

— Бу не деген айбандык! Ушундай сонун токойду кыйып жок кылганы неси! Муну тыйыш керек. Токойду кыйды, анан эмне болот? Эл каякка эс алат? Кыйналбай-этпей эле бүлүндүрүп жатышат, аны эми биз качан өстүрүп чоңойтобуз?..

Эртеси эле Владимир Ильич Сокольникидеги даректарды кыйганды дароо токтотуп, бардык токойлорду жана парктарды коргоону уюштурууга буйрук берди.[1]

В. И. Лениндин жаратылышты коргоо маселесине өтө олуттуу караганын дагы бир документ ырастайт. «Жолдош Беленькийдин, Иванычовдун, Рабалиндин чечиминен санаторийдин башчысы жолдош Вебердин буйругу менен 1920-жылы 14-июнда санаторийдин паркынан сопсоо эле арча кыйылганы маалым болду.

Совет буюмун ушундайча бүлүнткөнү үчүн советтик Горки чарбасындагы санаторийдин башчысы жолдош Веберди бир айга камоо жөнүндө буйрук кылам.

Жазаны Подольск уезддин аткаруу комитети ишке ашырсын.

Эмгек жана коргонуу советинин төрагасы В. Ульянов (Ленин) *14. VI. 1920-жыл.*

Бир дарак үчүн жооптуу кызматкерди жазага тартып жаткан соң, Владимир Ильич үчүн жаратылышты коргоо канчалык ыйык милдет экени айтпаса да түшүнүктүү. «Көп түкүрсө көл болору» ушундан эле билинет. Бир эле токойдон же парктан бир даректан кыйылып отурса, 1250 млн, гектар жалпы токой аянтыбызды азайтып алыш кыйын деле эмес.

«Артыңа из калтыргың келсе, көчөт отургуз» деген чыгыш элинин акылман кеби бар. Ар бир адам ошол осуятты орундаса, акталбаган чыгымдарга дуушар болуп жаткан жаратылыш канчалык толукталып, көркүнө келер эле.

СССРде жаратылышты коргоо — Коммунисттик партиянын, Совет өкмөтүнүн, бүткүл элдин, ар бир граждандыгынын ыйык милдети. Ал конституциянын 67-статьясында: «СССРдин граждандары жаратылышты сактоого, анын байлыктарын коргоого милдеттүү» — деп закон жүзүндө бекемделген. Биздин өлкөдө жаратылышты коргоонун узак мөөнөттүү программасынын башка элдерден артыкчылыгы

[1] Гиль С. К. В. И. Ленин менен алты жыл. М., 1957, 97—98-б.

да ушунда — ал ырааттуу жана кеңири масштабда дайыма жүргүзүлөт. Бул иш Совет өкмөтү өмүрүн баштаган биринчи күндөн кулач жайып, дүйнөдө биринчи жолу атмосферада зыяндуу заттардын уруксат берилген мерчемдүү нормасын илимий жактан негиздеп иштеп чыккан. Бул тажрыйба экология маселесине комплекстүү мамиле кылуунун артыкчылыгын дагы бир ирет ырастап, жаратылышты бөөдө бүлүнүүдөн сактап калууга жардам берет. Бирок мындай аракет бир эле мамлекеттин демилгеси бойдон кала берсе, бүтүндөй планетанын тагдырын оңоп жибере албайт. Ошондуктан 1975-жылы Хельсинкиде өткөн Европадагы коопсуздук жана кызматташтык боюнча кеңешмеде жалпы жаратылышты коргоого да чоң маани берилип, «курчап турган чөйрөнү сактоо жана жакшыртуу, ошондой эле жаратылышты коргоо, анын байлыктарын азыркы жана келечек муундун кызыкчылыгы үчүн сарамжал пайдалануу элдердин жыргалчылыгы, бардык өлкөлөрдүн экономикалык жактан өсүп-өнүгүшү үчүн абдан маанилүү милдеттерден болуп эсептелет, демек, курчап турган чөйрөнүн, асыресе Европанын көптөгөн маселеси тыгыз эл аралык кызматташтык менен гана ийгиликтүү чечилет» деп айтылган. Планетанын бүт эли муну жамаатташып чечсе, жаратылышты коргоо боюнча улуттук да, эл аралык да маселе оңунда болуп, калдыксыз технология боюнча тажрыйба алмашуу, чөйрөнү булгануудан, ууланууудан сактоого көзөмөл кылуу жакшырмак да, бул акыры барып, дүйнө элинин жыргалчылыгы, баарынан мурда саламаттыгы үчүн кызмат кылмак. Бул жагынан өз ара жардамдашуу советинин жана Бириккен улуттар уюмунун аракеттери арбын. Ошентсе да жеке мүдөөсү үчүн башкаларга керектүү жаратылыш байлыктарын курман чалып жаткан капиталисттик төбөлдөр дагы эле кесипин тийгизүүдө. Бирок акыры өз башына тиер бул кесепет аларды да ойлондурар кез келет. Ага чейин прогрессчил адамзат жүзөгө ашырып жаткан жаратылышты коргоо боюнча чаралар ар бирибиздин керт башыбыздын иши болуп калууга тийиш. Ар бир адамда, жаш муунда жаратылышка аяр, сарамжал мамиле кылууну тарбиялоо, жаратылышты коргоо боюнча билимин тереңдетип, көнүмүштөрүн калыптандыруу жалпы эле коммунисттик тарбиянын составдуу бир бөлүгү болуп калышы кажет.

Дегеле окуу процесси окуучуларда граждандык жоопкерчиликти тарбиялоого чакырылган, демек, жаратылышты коргоо, аны сүйүү, ага карата мамиле маданиятын калыптандыруу мектептин, мугалимдердин негизги милдеттеринен болуп калат.

КПССтин XXVII съезди совет элинин алдына бардык тармактарды тездетүү стратегиясын койду. Ансыз да ыкчам темп менен өсүп бараткан илимий-техникалык прогресс жаратылышты коргоо талабына кайчы келбесин үчүн бул мамилени да тездик менен чечип туруу зарылчылыгы турат, башкача айтканда, ар бир өсүш, прогресс башкасына залал келтирбегидей комплекстүү мамилени талап кылат. Бул милдеттер партиянын жаңы программасында, «1986—1990-жылдарда жана 2000-жылга чейинки мезгилде СССРдин экономикалык жана социалдык өнүгүшүнүн негизги багыттарында» таасын көрсөтүлгөн.

Жаңыбардын же өсүмдүктүн бул же тиги түрү зыяндуу деп, кырып жок кылып отуруп, алардын айрымдарын биротоло тукум курут кылган учурлар маалим. Бир тобу таптаза жок болуп кетүү коркунучу турат. Кеп алардын жок болушунда гана эмес, турмуш бири-бирисиз жашай алгыз катыш түзүп койгон тең салмактуулуктун бузулушунда, анын кесири башкаларга да тийип (маселен, ооруу, өзүнөн өзү тукум курут болуу ж. б.) жатканында. Ушул коркунучтуу абал 1978-жылы СССРде биринчи болуп Кызыл китептин жарыкка чыгышына алып келди. Коркунучтан кабар берип, адилеттик жүгүн көтөргөн бул кызыл түс бекеринен кабыл алынган эмес. Ал китепте өлкөбүздө сейрек кездешүүчү жана болуп кетүү коркунучундагы 598 айбанат менен өсүмдүк катталган. Ага кирген жаныбарлар менен өсүмдүктөр өзгөчө коргоого алынган. Аларды кармоого жана чогултууга тыюу салынган. Эгерде алардын өлгөнүн же кыйраганын көргөн киши болсо, жаратылышты коргоо уюмдарына билдирип коюуга милдеттүү. Бирок бул Кызыл китепте катталбаган жаныбарлар менен өсүмдүктөр корголууга тийиш эмес дегенге жатпайт.

ЖАРАТЫЛЫШТЫ КОРГОО ЖААТЫНДАГЫ МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУ

Курчап турган жаратылыш чөйрөсүн коргоо мамлекеттик маанилүү милдет. Жаратылыштын мол кенчи, алардын экономиканын ар түрдүү жактарында эмгек каражаты, жан-жаныбарлардын азыгы катары маанисинин ченемсиздиги, социалдык ролунун ар түрдүүлүгү жана баа жеткистиги жаратылыш байлыктарын пайдалануу, курчап турган чөйрөнү коргоо милдетин Советтер Союзунун, ошондой эле союздук республикалардын оголе көп мамлекеттик бийлик уюмдарына жүктөп отурат. Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын Программасында: «Илимий-техникалык прогресс... жаратылыш ресурстарын, сырьену, материал-

дарды, отунду жана энергияны пайдаланууну чечкиндүү жакшыртууга багытталууга тийиш» деп айтылган.[1] Бул көрсөтмө коомдук мааниси ченемсиз жаратылыш кенчтерине да таандык.

Курчап турган чөйрөнү коргоо — мамлекеттик олуттуу милдеттердин бири экенин бир нече укуктук актыларды талдап көрүү айгинелей алат. Алсак, Кыргыз ССР Конституциясынын 18-статьясына ылайык республикабыздын жаратылышын коргоо максаты жана жаратылышты коргоо ишинин социалдык укуктук негизи акыркы жана болочок муундун мүдөөсүн көздөө, камсыз кылуу болуп эсептелет. Ал үчүн жерди, анын кен байлыктарын, сууларды, жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүн коргоо, илимий жактан негизделген сарамжал пайдалануу, абаны, сууну таза сактоо, жаратылыш байлыктарын кайра калыбына келтирип туруу, адамды курчап турган чөйрөнү жакшыртуу үчүн зарыл чаралар көрүлүп жатат. Бул милдеттерди ийгиликтүү аткарууда мамлекеттик башкарууга зор роль таандык. Социалисттик коомдун социалдык-экономикалык, экономикалык-экологиялык негиздеринин биримдиги Совет мамлекетинин адамды курчаган чөйрөнү коргоону жана сарамжал пайдалануну уюштуруу боюнча ишинин жалпы мамлекеттик, жалпы элдик мүнөзүн аныктайт. Социализмдин шартында мамлекеттик башкаруу жаратылышты коргоо жана сарамжал пайдалануну камсыз кылууга багытталган мекемелердин жана мамлекеттик иш чаралардын өзүнчө бир системасын түзөт.

Мамлекеттик башкаруу аппараты эл чарбасын пландаштырууну, пландардын илимий жактан негизделишин жогорулатуу, тармактык жана аймактык пландаштырууну айкалыштыруу, чарбалардын жетекчи уюмдарынын уюмдаштыруу структурасын жана ишин, жаратылышты коргоо жана пайдалануну өркүндөтүү жолу менен жаратылыш байлыктарын кыйла сарамжал пайдалануга жана коргоого көмөк болууга тийиш. Бул аппараттын уюштуруу-укуктук ишкердиги улам өнүгүүдө. Буга жаратылышты коргоо закондорунун өркүндөшү өбөлгө түзүп жатат. Азыр ал жаратылышты коргоону жана аны сарамжал пайдалануну уюштуруу боюнча өз алдынча милдет өтөөгө акылуу.

Совет мамлекетинин жаратылышты коргоо максаты коомдук өндүрүштү уюштуруу жана өлкөнүн экономикасына жетекчилик кылуу жана социалисттик менчикти сактоо мүдөөсүнө төп келип турат. Бул карым-катнаштын жө-

---

[1] Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын Программасы Кыргызстан., 1986. 31-б.

ну түшүнүктүү. Анткени, бир жагынан, чарбачылыкты туура жүргүзүү жаратылышты коргоо иш чараларын жүргүзүүнү шарттаса, экинчи жактан, көптөгөн жаратылыш объектилери мамлекеттик менчик болгондуктан, аларды коргоо социалисттик менчик үчүн белгиленген тартип чегинен чыгып кете албайт.

Бирок социалисттик мамлекеттин жаратылышты коргоо максаты закондо белгиленген тыюу салууларды жүзөгө ашыруу, сактоо менен гана чектелбейт. Анын милдетин жаратылыш объектилерин сапаттык жактан жакшыртып, калыбына келтирип туруу, башкача айтканда, Жердин күрдүүлүгүн, жагымдуу жашоо режимин сактоочу зат алмашууну жана кубатты дайыма камсыз кылып туруучу табигый жана социалдык чөйрөнүн экологиялык өз ара байланышы кыйла маңыздуу кылып турат. СССРде айлана-чөйрөнүн сапатын жакшыртуу илимий-техникалык прогресстин эсебинен жүрүп жатат. Өкмөт менен партия техникалык прогресс аба менен сууну булгоо, жердин кунарын кетирүү булагы эмес, жаратылыш байлыктарына чарбакеч мамиледе болушун көздөйт жана эмгекчи масса менен илимпоздорду ушул осуятты орундоого чакырат.

Курчап турган чөйрөнүн сапатын жакшыртуунун укуктук негиздери жаратылышты коргоо закондорунун көптөгөн нормативдүү актылары менен бекемделген. Қабыл алынган нормаларды аткарууда өкүлчүлүк уюмдарына зор роль таандык. Жергиликтүү советтердин жаратылышты коргоо жана анын байлыктарын сарамжал пайдалануу боюнча укуктары кеңип, мүмкүнчүлүктөрү кеңиди. Республиканын жаратылыш объектилеринин бардык фондусу мамлекеттик бийликтин жана башкаруунун башкаруу уюмдарынын карамагында. Алар жалпы, тармак аралык жана тармактык башкаруу укугуна ээ болуу менен, жаратылышка терс таасир этүүнү жана бүлүндүрүүнү болтурбоо максатында уюштуруу, тарбиялоо, пландоо, көзөмөлдөө, техникалык, административдик-директивалык иш чараларды жүзөгө ашырууга милдеттүү. Бул уюмдар КПССтин XXVII съезди жана Қыргызстан Компартиясынын XVIII съезди белгилеген жаратылышты коргоо иш чараларын ырааттуу жана активдүү жүзөгө ашырууга тийиш. Бул боюнча «1986—1990-жылдарда жана 2000-жылга чейинки мезгилде СССРдин экономикалык жана социалдык өнүгүшүнүн негизги багыттарында» кээде министерстволор менен союздук республикалардын жетекчилери аябагандай зор байлыктын үстүндө отуруп алып, ошол эле учурда сырьенун жетишсиздигине даттанышары, мындай абал курчап турган чөйрөгө чоң зыян келтирери айтылган. Илимий-техникалык илгери-

лөө жаратылышты коргоо ишинде солгун өнүктүрүлгөндүктөн, кайталап пайдалануучу сырьелор көбүнчө иштетүүсүз ташталып, анын ордуна жаратылыш байлыктарына кол салганга кызыккандар бар. Анысы аз келгенсип, калдыксыз жана аз калдыктуу технологиялык процесстер начар өздөштүрүлгөндүктөн, кен казып алууда көбү калдыкка чыгарылып, чөйрөнү булгап жаткан учуру аз эмес.

ЖАРАТЫЛЫШТЫ КОРГОО ЖААТЫНДАГЫ МАМЛЕКЕТТИК УЮМДАР СИСТЕМАСЫ.

СССРде, анын ичинде Кыргыз ССРинде да жаратылышты коргоо жаатында мамлекеттик уюмдардын татаал системасы иштейт. Жаратылышты коргоо башка милдеттеринин системасында чакан үлүштү түзгөн уюмдар жана ал милдет ишмердигинин негизги, аныктоочу мазмунун түзгөн башкаруу уюмдары да бар. Республикада жаратылышты коргоо жана пайдалануу ишине жалпы жетекчиликти Кыргыз ССР Жогорку Совети, анын Президиуму, ошондой эле эл депутаттарынын жергиликтүү советтери жүргүзөт. Республиканын Жогорку Совети жаратылыш байлыктарын коргоо жана сарамжал пайдалануу боюнча жалпы иш чараларды аткарат. Ал ошондой эле жаратылышты коргоо жаатында закондорду кабыл алып, республикалык эл чарба планын бекитет да, алар пландын мерчемдүү бөлүмдөрү боюнча жаратылышты коргоо, анын байлыктарын сарамжал пайдалануу чараларын көздөйт.

Республиканын Жогорку Совети жаратылышты коргоо, анын байлыктарын сарамжал пайдалануу боюнча дайыма иштөөчү туруктуу комиссияны түзөт. Ал комиссия закон демилгелерин көтөрүүгө акылуу.

Кыргыз ССР Жогорку Совети жаратылышты коргоо, анын байлыктарын сарамжал пайдалануу боюнча татаал жана ар тараптуу коомдук мамилелерди жөнгө салуучу закондорду республиканын аймагындагы топуракты, токойду, сууну, айбанаттар дүйнөсүн, коруктарды коргоо боюнча закондорду чыгарат. Ал ошондой эле жаратылышты коргоо талаптарын бузгандыгы үчүн граждандык, административдик жана кылмыш жоопкерчилигинин негиздерин аныктайт.

Жогорку Совет республиканын эл чарба планын жана бюджетин бекитүү менен, жаратылышты коргоо, калыбына келтирүү жана жакшыртууга багытталган мамлекеттик чараларды, жаратылышты коргоо мүдөөсүнө жумшалуучу акчалай төлөмдөрдүн өлчөмүн аныктайт.

Кыргыз ССР Жогорку Советинин жаратылышты кор-

гоо, анын байлыктарын сарамжал пайдалануу боюнча туруктуу комиссиясы республиканын министерстволорунун, ведомстволорунун жаңыртылып туруучу жаратылыш байлыктарын сарамжал пайдалануу жана калыбына келтирүү жөнүндөгү жаратылышты коргоо закондорун сактоого байланышкан иштерин көзөмөлдөйт. Ошондой эле жаратылыш объектилерин булгап, бүлүнтүп, кыйраткан, абалын начарлаткан өндүрүш кесепеттерин четтетүүчү чарбалык жана техникалык иш чараларды жүзөгө ашырат.

Маселен, 1986-жылы 21-мартта Кыргыз ССР Жогорку Советинин жаратылышты коргоо жана байлыктарды сарамжал пайдалануу боюнча туруктуу комиссиясы республиканын автомобилдерди техникалык тейлөө станцияларынын ишин карап, анда менчик машиналарды жуучу тармактарды, алардын май түйүндөрүн текшерүү жана жөнгө салуу боюнча участокторду көбөйтүү, суу менен абаны коргоо боюнча закон талаптарын сактоо жөнүндө чечим кабыл алды. Анда «Кыргызавтотехтейлөө» жана «АвтоВАЗтехтейлөө» өндүрүштүк бириқмелеринин иши каралып, бир топ оң көрүнүштөр менен катар жаратылышка зыяндуу кесепеттер аныкталган. Маселен, республикадагы калктын 140 миң автомашинасынын көбүрөөгү топтолгон Нарын, Талас областтарында, республикага баш ийген 9 райондун жетисинде менчик машиналарды жуучу жабдуулар жокко эсе. Азыр 1981-жылга салыштырганда республикадагы 9 жуучу жабдууга 4,4 миң машина туура келет. Демек, бардык эле машиналар бул кызматтан пайдалануу мүмкүнчүлүгү болбогондуктан жана аларды санэпидстанциянын, суу инспекциясынын жана ГАИ кызматкерлеринин көзөмөлүнүн начарлыгынан менчик машиналарды уруксат берилбеген жерлерге, сууларга, көлмөлөргө жууп, аларды май менен булгаган учурлар кездешет. Бул жагынан Ысык-Көлдү коргоо маселеси да көз жаздымында калган. Анткени жай мезгилинде ал жерге эс алуучулар, көптөгөн менчик машина келет. Деги эле жуучу жабдуулардын техникалык ишенимдүүлүгү жайбаракат жогорулоодо. Аларды пайдалануу боюнча талаптар сакталбагандыктан, азыр республикадагы техникалык тейлөө боюнча 24 башкы станциянын 3 айлампа суу жабдуусунун бирөө гана иштеп жатат. Ушунун өзү жаратылышты булгоо мындай турсун, сууну сарамжалсыз пайдалануга алып келүүдө. Ал эми Аламүдүн жана экинчи Фрунзе станциясында суулар жакшы тазаланбай, май калкып, адамдарга, өсүмдүктөргө, жаныбарларга коркунуч туудурууда. Бул бириқмелерде абаны таза сактоо милдети да оңдуу орундалып жаткан жок. Көпчүлүк станцияларда кыймылдаткычтын ишин текше-

рүүчү-жөндөөчү жабдуулар жок, же болсо да өтө начар иштейт. Ошонун айынан уу түтүндөр адамдарга да, жаратылышка да залалын тийгизүүдө. Кыргыз ССР нефт продуктулар комитетинин кээ бир ишканалары иштелген майларды өткөрүү ишин жолго койбогондуктан, майлар кыртышка сиңип, жерди коргоо боюнча талаптар одоно бузулган учурлар жок эмес. Маселен, Токмок, Ош, Алай, Кара-Суу, Өзгөн райондорундагы автотехтейлөө станцияларынын тегереги май менен булганып, ал жерлерде жаратылышты коргоо талаптары сакталбаганы аныкталган. Мындай абалдын өкүм сүрүшүнө жаратылышты коргоо кызматындагылар да күнөөлүү. Алар мындай кемчиликтерди четтетүүгө чечкиндүү чара көрүп, штраф тарттырбаган. Бул абал эл депутаттарынын жергиликтүү Советтеринин начар иштешинен да болуп отурганы калетсиз.

Жаратылышты коргоо боюнча туруктуу комиссия бул эки бирикме кетирген кемчиликтерди четтетүү боюнча ачык-айрым чараларды кабыл алды. Албетте, мындай иш чаралар жаратылышты коргоо, байлыктарын сарамжал пайдалануу боюнча бир топ жакшы натыйжаларды берет. Бирок коомчулук, айрыкча жаштар, алардын ичинде мектеп окуучулары мындай терс көрүнүштөргө келишпес болуп тарбияланып, азыркы жана болочок жыргал турмуштун март казынасы болгон жаратылышты коргоону ыйык милдети кылып алышы керек.

Кыргыз ССР Жогорку Совети көп жыл үзүрлүү эмгектенген мыкты адистерге ардак наам берери маалим. Маселен, «Геология кызматына эмгек сиңирген кызматкер», «Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген токой өстүрүүчүсү» ж. б. Бул ардак наамдар берилерде алардын негизги ишиндеги ийгиликтери менен катар жаратылышты коргоо жаатында көрсөткөн адал кызматы да эске алынат.

Жаратылышты коргоо ишинде эл депутаттарынын областтык советтеринин ролу чоң. ССР Союзунун жана Кыргыз ССРинин закондорунда бул бийлик органдары үчүн өз аймагында комплекстүү экономикалык жана социалдык өнүгүштү камсыз кылуу милдети негизгилерден болуп эсептелет деп белгиленген. Эл депутаттарынын областтык советтери жаратылышты коргоо милдеттеринен тышкары курчап турган чөйрөнүн абалын изилдөөгө, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын, айрым граждандардын жаратылышты бүлүнтүшүнө, суу, аба, топуракты булгашына, адамдар, өсүмдүктөр жана айбанаттар үчүн зыяндуу заттарды чыгарышына жол бербөөгө тийиш.

Эл депутаттарынын областтык советтеринин жаратылышты коргоо анын байлыктарын сарамжал пайдалануу

багытталган иш чараларынын таасирдүүлүгү анын өз аймагындагы уюмдардын, ишканалардын, мекемелердин жаратылышты коргоо законун сакташып, алар жерди пайдалануу, жаратылышты коргоо жана башка маселелер боюнча иштерин топтоштуруу жана көзөмөлдөө укугу болгондугунан көрүнөт. Алар өзүнө тиешелүү аймакты жердин, суунун, токойдун, кен байлыктарды пайдаланылышын, жаратылышты коргоо боюнча закондун аткарылышын текшерет.

Эл депутаттарынын айылдык, поселкалык, шаардык, райондук советтери калың элдин катмарында иштеп, башка бийлик уюмдарына караганда жаратылыш объектилерине жакын турат да, ошон үчүн жаратылыштын абалын жакшыртууга ыкчам жардам берүүгө, жаратылыш байлыктарын сарамжал пайдаланууга, жаратылышты коргоо тартибин бузгандарга, браконьерлерге, токойду уруксаты жок кыйгандарга, өндүрүш жана тиричилик калдыктары менен кыртышты, көлмөлөрдү, атмосфераны булгагандарга каршы күрөш уюштурууга мүмкүнчүлүгү кеңири. Алсак, Кыргыз ССР Жогорку Совети 1971-жылы 20-июлда бекиткен «Кыргыз ССРинин эл депутаттарынын райондук совети жөнүндөгү» законуна ылайык ал өз аймагында суу объектилерин башкарат, сууну пайдаланууга жана коргоого, сугат суусун туура бөлүштүрүүгө жана сарамжал пайдаланууга, сугат курулуштарын курууга жана иштетүүгө, колхоз-совхоздор, ишканалар, мекемелер жана башка уюмдардын, ошондой эле граждандардын жаратылышты коргоо жана калыбына келтирүү жөнүндөгү закондорду, анан да абаны, сууну, бүтүндөй жаратылыш чөйрөсүн коргоо закондорун, ошонун ичинде санитардык талаптарды аткарышына мамлекеттик көзөмөл жүргүзөт. Бул чаралардын баары элдин турмуштук кызыкчылыгына, эс алуусуна, ишине жана саламаттыгына түздөн-түз байланыштуу болгону менен бөтөнчө маанилүү.

Бул иште жергиликтүү советтер эмгекчилердин активдүүлүгүнө таянып, аны жаратылышты коргоо закондорун бузуучуларды алдын алууга пайдаланат, андай жоруктардын жаратылыш үчүн тийгизген кесепетин аныктайт. Жергиликтүү башкаруу уюмдары жаратылышты коргоо иш чараларына оголе көп акча каражатын сарптап, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын, колхоз-совхоздордун күч-аракетин жаратылышты коргоого багыттайт.

Кыргыз ССР Министрлер Совети Коммунисттик партиянын чечимдерине жана социалисттик курулуштун башкы милдеттерине ылайык жаратылышты жана анын байлыктарын азыркы жана болочок муундун мүдөөсү үчүн коргоо жана сарамжал пайдалануу жагын камсыз кылат. Ал мам-

лекеттик бийликтин жогорку аткаруучу жана аткартуучу уюму катары республиканын аймагында бардык министерстволордун, ведомстволордун, ошондой эле областтык советтердин аткаруу комитеттеринин ишин бириктирет жана багыттайт, жаратылыш байлыктарын коргоо, сарамжал пайдалануу жана калыбына келтирүү боюнча пландык милдеттемелеринин аткарышын камсыз кылат. Республиканын Министрлер Советинин уюштуруучу, топтоштуруучу жана көзөмөлдөөчү иши жаратылышты коргоо мүнөзүндөгү нормативактыларын басып чыгаруу, КПССтин съезддеринин чечимдеринин, СССРдин жаратылышты коргоо закондорунун, СССР Жогорку Советинин Президиумунун указдарынын, СССР Министрлер Советинин токтомдорунун, Кыргызстан Компартиясынын съезддеринин чечимдеринин жана токтомдорунун, республиканын Жогорку Советинин закондорунун жана башка укуктук актыларынын аткарылышы аркылуу көрүнөт.

Республиканын Министрлер Советинин жаратылышты коргоо иш чаралары милдетине ылайык өз демилгеси менен, же Кыргыз ССР Жогорку Советинин, болбосо Жогорку Советтин Президиумунун тапшыруусу боюнча жүргүзүлөт. Кээде СССР Министрлер Совети республиканын Министрлер Советине жаратылышты коргоону жана байлыктарын пайдаланууну жакшыртууга өбөлгө түзүүчү айрым милдеттерди тагат. Алсак, бул 1977-жылы СССР Министрлер Советине, анын ичинде Кыргыз ССР өкмөтүнө өзүлөрүнүн токтому менен эл депутаттарынын жергиликтүү советтеринин аткаруу комитеттери атайын суу пайдалануучулар менен мамлекеттик суу көзөмөлүнүн ортосундагы келишпестиктерди четтетүүчү чечимдерди кабыл алууга мүмкүндүк берди.

Деги эле жаратылышты коргоо республиканын Министрлер Советинин күнүмдүк ишинин борборунда. Жаратылышты коргоо маселеси республиканын социалдык, экономикалык өнүгүшүнүн, республикалык, союздук-республикалык, жалпы союздук маанидеги чарба тармактарынын план долбоорлору даярдалып жатканда, жаңы ишкана, аэродром турак жай курганда, калк жашаган эски айыл-кыштактарды, шаарларды ондоп куруу долбоорун бекитерде пайда болот.

Министрлер Совети бүтүндөй Кыргызстан же өзүнчө бир аймак, болбосо мерчемдүү объекти боюнча жаратылышты коргоо абалын иликтеп, аныкталган кемчиликтердин негизинде токтом кабыл алат. Анда жаратылышты коргоо, кен байлыктарын сарамжал пайдалануу ишин жакшыртуу үчүн кандай материалдык-техникалык, моралдык-тарбиялык, уюштуруу-укуктук чараларды жүзөгө ашырыш ке-

ректиги ачык-айкын көрсөтүлөт. Асыресе, СССР Министрлер Советинин 1977-жылдын 23-февралындагы: Чүй суусунун алабынын таза эмес куймалар аркылуу булганышынын алдын алуу боюнча иш-чаралар жөнүндөгү токтомун ишке ашыруу үчүн Кыргыз ССР Министрлер Советинин 1977-жылы 25-апрелдеги токтому менен Чүй суусунун алабын таза эмес куймалар аркылуу булганышын алдын алуу боюнча чаралар аныкталган. Анда кир сууларды Чүй алабындагы көлмөлөргө агызуучу ишканалары бар министерстволорду, ведомстволорду, Фрунзе шаараткомун, ошондой эле Чүй өрөөнүндөгү тазартма курулуштары жок союзга баш ийген бирикме, ишкана, чарбаларды Мелиорация жана суу чарба министерствосу, Саламаттык сактоо министерствосу, Мамлекеттик курулуш комитети жана Мамлекеттик пландоо комитети менен бирге Чүй суусунун алабындагы көлмөлөргө кир куймаларды кошпоо жөнүндө чараларды иштеп чыгуу жагы милдеттендирилген. Ал агын сууларды булгануудан сактоочу өндүрүштүн прогрессивдүү технологиясын киирүү, сырьену комплекстүү иштетүү, өнөр жай калдыктарын ташталбоо, мыкты тазартма жана зыянсыздандыруучу курулуштарды куруу каралган жана ал комплекстин баары 1985-жылга чейин бүткөрүлүп, ишке берилүү жагы милдеттендирилген.

Кыргыз ССР Министрлер Советинин карамагында милдет мүнөзүндөгү атайын мамлекеттик башкаруу уюму иштейт. Аларга маанилүү милдет жүктөлгөн, анткени алар жаратылыш байлыктарынын ар кандай түрүнөн пайдаланган жана жаратылыштын сапаттык абалына таасир тийгизген тармактын министерство, ведомоство, ишкана, уюм, жана мекемелер менен ыкчам бүткөрүлүүчү иштерди алып барат. Бул уюмдардын жаратылышты коргоонун айрым маселелери боюнча милдети эл чарбасынын бардык тармактарына тиешелүү болгондуктан, аларды тармак аралык же ведомстволордун үстүнөн кароочу жаратылышты кароо уюмдары деп аталат.

Мамлекеттик пландоо комитети республиканын эл чарбасынын өнүгүш багытын, темпин, масштабын жана башка көрсөткүчтөрүн белгилөө менен бирге коомдун жаратылышка таасир этиш даражасын жана мүнөзүн алдын ала аныктайт. 1979-жылы 10-майда Кыргызстан КП Борбордук Комитети жана Министрлер Совети «КПСС Борбордук Комитетинин жана СССР Министрлер Советинин «Жаратылышты коргоо жана анын байлыктарды пайдалануну жакшыртуу боюнча кошумча чаралар жөнүндөгү» «1978-жылдын 1-декабрдагы токтомун жүзөгө ашыруу жөнүндөгү» токтому менен Кыргыз ССР мамлекеттик пландоо ко-

митетине экономикалык жана социалдык өнүгүүнүн жылдык жана келечек пландарынын долбооруна жаратылышты коргоо боюнча аймактык комплекстүү схемаларды иштеп чыгуу, аларды атайын тизме боюнча ар бирине капиталдык салымдарды көрсөтүү менен объектилерди куруу жана оңдоп куруу жагын кароо жөнүндө сунуштарды кийрүү милдеттендирилген.

Жаратылышты коргоо жана байлыктарын сарамжал пайдалануу боюнча иш чараларды пландаштыруу СССР жана Кыргыз ССР конституцияларында, ошондой эле жаратылыштын айрым объектилерин коргоо жана пайдалануу жөнүндөгү закондордо каралган. Алсак, айбанаттар дүйнөсүн коргоо жана пайдалануу жөнүндөгү закон мамлекеттик башкаруу, анын ичинде пландоо уюмдарын экономикалык жана социалдык өнүгүүнүн мамлекеттик пландарында айбанаттарды коргоо жана сарамжал пайдалануу боюнча тапшырмалар менен иш чараларды кароо жагы милдеттендирилген. Мында башкаруу уюмдары айбанаттарды коргоо жана сарамжал пайдалануу боюнча өзүлөрү иштеп чыккан планды айбанаттарды коргоону жана пайдалануну жөнгө салуу милдети жүктөлгөн башкаруу уюмдары менен макулдашып алууга милдеттүү.

Кыргыз ССРинин абаны коргоо жөнүндөгү законуна ылайык абаны коргоо боюнча тапшырмалар, аны булгоо жана башка зыяндуу таасир этүү себептерин алдын алуу жана четтетүү, ошондой эле атмосферанын абалын жакшыртуу боюнча иш чаралар экономикалык жана социалдык өнүгүүнүн мамлекеттик планында каралат. Министерстволордун, мамлекеттик комитеттердин, ведомстволордун, ишканалардын, мамлекеттердин жана уюмдардын абаны коргоо боюнча план долбоорлору ССР Союзунун жана Союздук республикалардын бекитилинген законунун тартиби боюнча абаны коргоону мамлекеттик көзөмөлгө алуучу уюмдар менен макулдашылат.

Республикабыздагы коргоого алынган байлыктардын баары эл чарбасын өнүктүрүү пландарына ылайык пайдаланылат. Кыргыз ССР мамлекеттик пландоо комитетинин жобосу боюнча өз пландарында жаратылыш байлыктарын сарамжалдуу пайдалануу жагын кароого тийиш. Дал ушул максатта Кыргызстан КП Борбордук Комитетинин жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин 1979-жылдын 10-майдагы токтому менен Кыргыз ССР мамлекеттик пландоо комитети жаратылышты коргоо боюнча мурдагы көмөкчү бөлүмдүн ордуна өз алдында бөлүм ачып, ошондой эле облласттык пландоо бөлүмдөрүндө жаратылышты коргоо боюнча жетектөөчү адистердин кызматын кийриген.

Жаратылыш байлыктарын сарамжал пайдалануу, калыбына келтирүү, толуктап туруу тиешелүү министерство, ведомство жана ушул башкаруу уюмдарынын кол алдындагы жаратылыш байлыктарын түздөн түз пайдалануучу, калыбына келтирүүчү жана коргоочу ишкана, мекемелерге чейинки бардык чарба бирдиктеринин өнүгүш пландарында каралат.

Республиканын Мамлекеттик пландоо комитетинин жаратылышты коргоо бөлүмү өз пландарында коруктарды өнүктүрүү, айбанаттар менен канаттууларды, балыктарды коргоо жана калыбына келтирүү, абаны булгануудан сактоо, ошондой эле тазартуучу курулуштарды жана башка жаратылышты коргоо объектилерин курууну камсыз кылуучу утурумдук жана болочок иш чараларды карайт.

Пландаштырууда эң башкы максат — калдыксыз өндүрүш технологиясын түзүү жана жаратылыш байлыктарын комплекстүү пайдалануу жолу менен курчап турган чөйрөнү булгануудан сактоочу техникалык прогрессти камсыз кылуу. Республикада жаратылышты коргоо боюнча пландаштырылган иш чаралар негизинен аткарылууда. Бирок дагы эле айрым министерство, ведомство, ишкана, мекеме жана уюм жетекчилери жаратылышты коргоо ишине анча маани бербей келатат. Алардын бул багыттагы иши катуу көзөмөлгө алынышы керек. Кыргыз ССР мамлекеттик пландоо комитети жана анын жаратылышты коргоо бөлүмү дал ошондой көзөмөл жүргүзүп, жаратылышты коргоо боюнча пландык иш чараларды аткарбаган учурларды ашкерелеп, эскертүү берип жатат. Бул бөлүмгө, ошондой эле, министерстволор менен ведомстволор, ишканаларга, курулуштарга жана уюмдарга жаратылышты коргоо жана байлыктарын сарамжал пайдалануу боюнча эл чарба пландарынын тапшырмаларын өз убагында жана туура жеткирип тургандыгын текшерүү милдети жүктөлгөн. Ал бул текшерүүнүн жыйынтыктарын Мамлекеттин пландоо комитетинин жетекчилерине маалымдап, анда эл чарба планындагы жаратылышты коргоо милдеттери кандайча аткарылып, аларды аткаруу боюнча статистикалык отчет кандай жүргүзүлүп жатканы, аларды канткенде жакшыртууга болору камтылат.

Кыргызстан КП Борбордук Комитетинин жана Кыргыз ССР Министрлер Советинин 1979-жылдын 10-майындагы токтомунда, ошондой эле, Кыргыз ССР гидрометеорология жана жаратылыш чөйрөсүн көзөмөлдөө башкармасынын милдеттери кеңейтилген. Алсак, курчап турган чөйрөнүн абалын анын булганыш деңгээлин жана булактарын бай-

коо жана көзөмөлгө алуу боюнча мамлекеттик системаны мындан ары өркүндөтүү үчүн бул башкармага төмөндөгүдөй милдеттер жүктөлгөн:

жаратылыш чөйрөсүн байкоо жана абалын көзөмөлдөөнүн мамлекеттик системасын уюштуруу жана ишке ашыруу;

шаарлар менен өнөр жай борборлорунун абаны пайдаланышын жөнгө салып, аны булгоо булактарына мамлекеттик көзөмөл жүргүзүү, абаны булгоочу заттардын өтө чектелген нормасын сактоо;

абаны булгануудан сактоо боюнча талапты сактоо максатында министерство, ведомстволордун өндүрүш жана башка курулуштарын жайгаштыруу схемасын, андай объектилерди куруу жана жаңылоо долбоорлорун макулдашуу;

абаны булгануудан сактоо боюнча статистикалык отчетту ыкчам иштеп чыгып, жаратылыштын абалы, күтүлүүчү өзгөрүүлөр жана алардын себеби жөнүндө маалыматтарды дайыма жана ыкчам даярдап, аны Кыргыз ССР мамлекеттик пландоо комитетине жана Министрлер Советине берип туруу.

Кыргыз ССР гидрометеорология башкармасынын жана анын жер-жерлердеги уюмдарынын абаны коргоо жаатында эреже жана нормаларды сактоону көзөмөлгө алуучу кызмат адамдарына белгиленген тартип боюнча кайсы ведомствого тиешелүү экенине карабай ишкана, мекеме, уюм, курулуш жана башка объектилерге барып, андан керектүү материалдарды, маалыматтарды алууга, милдетин аткарышын текшерүүгө, ошондой эле ишин абаны коргоонун белгиленген өндүрүш объектилерине зарыл иш чараларды жүргүзмөйүн токтотуу же тыюу салуу жөнүндө сунуш киргизүүгө укук берилген.

Жаратылышты коргоо боюнча иштерди күнүгө ыкчам жөнгө салып туруу жана жаратылышты коргоо законунун аткарышын көзөмөлдөп туруу милдети эл чарба тармактарынын ведомстволук уюмдарына да жүктөлгөн.

Кыргыз ССР геология башкармасы геологиялык чалгын иштери жүргүзүлгөндө жаратылышты жана анын кендерин коргоо боюнча талаптардын аткарылышын көзөмөлдөп, кендерди геологиялык чалгындоодо сарамжал, илимий жактан негизделген багытты жана натыйжалуу ишти камсыз кылат;

законго ылайык коргоого алынган жер алды суулардын азайып же булгануудан сакталышына жана пайдаланылышына мамлекеттик көзөмөл жүргүзөт.

Кыргыз мамлекеттик токой чарба комитети республиканын токой байлыктарын сарамжал пайдаланууну жана

коргоону камсыз кылат. Ал токойлордун абалына, анын сарамжал пайдаланылышына мамлекеттик көзөмөл жүргүзүп, коргоо иштерин уюштурат, эл чарбасынын жана калктын муктаждыктары үчүн токой байлыктарын жана айбанаттар дүйнөсүн калыбына келтирип турууну камсыз кылат.

токойдун суу, талаа, кыртыш сактоо, санитардык жана башка пайдалуу касиеттерин күчөтүү боюнча иш чараларды иштеп чыгат жана жүзөгө ашырат. Анын алдында мергенчилик жана жаратылышты коргоо башкы башкармасы түзүлгөн. Ал СССР Союзунун жана Кыргыз ССРинин мергенчилик, корук жана жаратылышты коргоо, мергенчилик чарбасын, мергенчилик спортун өнүктүрүү боюнча закондорунун аткарылышын камсыз кылат.

Мергенчилик башкы башкармасы мамлекеттик, кооперативдик жана коомдук уюмдардын республиканын аймагында мергенчилик чарба, мергенчилик спорт иштерине, аң тери жана башка мергенчилик сырьелорун даярдоосун, илимий, маданий жана чарбалык максатта жапайы жаныбарларды атуусуна жана кармоосуна көзөмөл жүргүзөт;

пайдалуу айбанаттар менен канаттууларды коргоо, жашоо шартын жакшыртуу, пайдаланууга багытталган, мамлекеттик коруктардагы айбанаттар менен канаттууларды сактоо жана көбөйтүүнү камсыз кылган, ошондой эле токой, мергенчилик, айыл чарбалары үчүн теориялык, практикалык мааниси бар корук ишин сактоо жана илимий изилдөө иштерин уюштурууга өбөлгө түзгөн иш чараларды иштеп чыгат жана жүзөгө ашырат;

райондук жана областтык пландоо уюмдары менен бирдикте республикадагы жаратылыш байлыктарын коргоо, пайдалануу жана көбөйтүү боюнча жалпы мамлекеттик иш чаралар жөнүндөгү сунуштарды иштеп чыгууга катышат;

суу жана көл, табигый жана жасалма көлмө боюндагы бадалдарды коргойт;

баалуу жана сейрек жаныбарлар менен өсүмдүктөрдү сактоо жана калыбына келтирүүгө багытталган чараларды иштеп чыгат;

Кыргыз мергенчилик башкы башкармасына мергенчилик эрежесин, мөөнөтүн жана ыктарын бузган учурларды алдын ала текшерүүгө, мамлекеттин мергенчилик фондусуна жана жайыттарына зыян келтирген азыктарды жана аракеттерди пайдаланууга, тартип бузгандардан (жеке жана уюмдардан) белгиленген өлчөмдө акча өндүрүп алууга укук берилген.

Кыргыз ССР Министрлер Советинин 1966-жылдын 6-июнундагы токтому менен түзүлгөн Кыргыз ССР балык

чарба башкармасы союздук-республикалык уюм болуп эсептелет. Анын негизги милдети — республиканын мамлекеттик көлмөлөрүндө балык чарбачылыгын өнүктүрүү, көлмөлөрдө, сууларда, суу сактагычтарда балыктардын запасын көбөйтүү, өнөр жайлык балык кармоону уюштуруу, балык азыктарын өндүрүү жана сатуу, ошондой эле республиканын колхоз-совхоздорунда балык чарбачылыгын уюштуруу, жетекчилик кылуу, көзөмөлдөө болуп эсептелет.

Жер-жерлерде балык запастарын СССР балык чарба министерствосунун балык запастарын коргоо жана калыбына келтирүү, балык чарбачылыгын жөнгө салуу боюнча башкы башкармасынын бассейн башкармасы коргойт.

Кыргызстанда «Чыгыш ортоазиялык балык чарбасы» бассейн башкармасы бар. Ал республиканын бүт аймагындагы балык запастарын коргоо жана калыбына келтирүүнү жөнгө салып турат.

Республикабызда балык запастарын пайдалануу жана коргоо өзгөчөлүгү — ал ар башка мекемеге баш ийгенинде. Балык запастарын пайдалануу жана багуу балык чарба башкармасына, ал эми коргоо жана калыбына келтирип туруу «Чыгыш ортоазиялык балык чарбасынын» бассейн башкармасына жүктөлгөн.

Укук адабияттарында министерство менен ведомстволор мамлекеттин атынан өзүн көзөмөлдөп турса, жаратылыш байлыктарын пайдалануунун жана коргоону бир уюмга бириктирүү баарынан мурда өзүнө, демек, коомдук экологиялык кызыкчылыктарга да зыян экенин көп эле белгилеген.[1]

Кыргыз ССР саламаттык сактоо министерствосунун санитардык-эпидемиологиялык кызмат системасынын уюмдары жана мекемелери жаратылышты коргоо жаатында санитардык көзөмөл жүргүзөт. Алар, асыресе, жаратылыш чөйрөлөрүн (көлмө, кыртыш, аба) булгабоого жана алдын алууга, калктын эмгек, тиричилик, эс алуу шарттарын жакшыртууга багытталган санитардык-гигиеналык, жугуштуу ооруларга каршы, ошондой эле ооруларды алдын алууга жана басаңдатууга багытталган иш чаралардын аткарылышын көзөмөлдөйт.

СССР химия жана нефть машина куруу министерствосунун түтүн тазалоочу жана чаң кармоочу жабдууларынын ишин көзөмөлдөө боюнча мамлекеттик инспекция жаратылышты коргоодо кыйла маанилүү иштерди аткарууда.

Кыргызстанда түтүн тазалоочу жана чаң кармоочу жаб-

---

[1] Петров В. В. Экология жана укук. М., 1981. 140-б.

дуулардын ишин көзөмөлдөө боюнча Кыргыз регионалдык мамлекеттик инспекция иштейт. Анын начальниги орун басары менен бирге кызматы боюнча өнөр жай райондордун мамлекеттик инспектору болуп саналат. Булар мамлекеттик жаратылышты коргоо уюмдарынын системасында таптакыр жаңы уюмдар. Алар ишканалар менен уюмдар кайсыга баш ийгенине карабастан СССРдин, анын ичинде Кыргыз ССРинин закондорун, ошондой эле СССР химия жана нефть машина куруу министерствосунун абаны зыяндуу өнөр жай калдыктары менен булгоодон сактоо маселелери боюнча инструкцияларын жана көрсөтмөлөрүн аткарышын көзөмөлдөп, түтүн тазалоочу жана чаң кармоочу жабдууларды пайдалануу эрежелерин сакташын текшерет. Аларга ишканалар менен уюмдарга түтүн тазалоочу жана чаң кармоочу жабдуулардагы кемчиликтерди мөөнөтүн көрсөтүү менен четтетүү, иштеп жаткандарын кайра оңдоо жана ушундай жаңы жабдууларды пайдаланууга берүү үчүн милдеттүү көрсөтмөлөрдү айтууга укук берилген.

Жаратылышты коргоодо милиция да олуттуу роль ойнойт. Жаратылыштын көптөгөн объектилери — шаар паркы, шаар четиндеги токой, эс алуу аймагы коомдук жайлар болуп эсептелет. Ушул жерлерде коомдук тартипти сактоо жана жаратылышты коргоо бири-бири менен байланышта. Ушундан улам жаратылышты коргоо боюнча айрым милдеттер ички иштер уюмдарына да жүктөлгөн.

Ар тараптан өнүккөн закон менен бирдикте жаратылыштын сапатын башкаруунун жакшы уюшулган жана натыйжалуу системасы жаратылышты коргоодогу максатка жетүүнүн маанилүү социалдык шарты болуп эсептелет. Жаратылышты коргоо жана анын байлыктарын пайдалануну жакшыртуу кызыкчылыгы республикада жаратылышты коргоо уюмдарынын системасына жана алардын ишин уюштурууга карата мамилени өзгөртүүнү талап кылат.

ССР Союзундагыдай эле Кыргыз ССРинде да жалпы жаратылыш комплексин коргоочу атайын бирдиктүү уюм жок. Укук адабияттарында да көптөн бери айыл чарба жаратылышын коргоо, жаратылышты коргоонун бирдиктүү мамлекеттик уюмун түзүү зарылдыгы жөнүндөгү маселелер козголуп келатат. КПССтин XXVII съездинин жаңыча талаптары жаратылышты коргоого да жайылтылып, бул ишке олуттуу көңүл бөлүүнү талап кылууда. Демек, илимий-техникалык илгерилөө жаратылышты коргоо мүдөөсүнө кайчы келбей турган ыкчам өнүгүү стратегиясынын нугу менен жүрүү керек.

МАМЛЕКЕТТИК УЮМДАРДЫН ЖАРАТЫЛЫШТЫ КОРГОО ИШТЕРИ

Кыргыз ССРинде курчап турган чөйрөнүн сапатын мамлекеттик көзөмөлдөө системасына жалпы эле милдеткер уюмдардан тышкары жаратылышты комплекстүү (ведомстволордун үстүнөн атайын карай турган) жана жаратылыштын айрым объектилерин (тармактык көзөмөл) коргой турган мамлекеттик уюмдар кирет. Булардын милдети — республикада жана андан тышкары аймактарда жаратылыштын абалын ар тараптан баалап, булгоо коркунучун жок кылуу. Бул милдеттер сапаттуу маалыматтарды алуу үчүн бирдиктүү методологиялык негизде жаратылышты дайыма изилдөө жолу менен чечилет. Курчап турган жаратылыш чөйрөсүнүн мониторинг системасы ушундай негиз боло алат.

СССРде курчап турган чөйрөнүн мониторинги өзүнө баш ийүүчү бирдиктер катары бардык союздук республикалардагы тиешелүү мониторинг системаларын камтыйт. Алар, баарынан мурда, гидрометеорологиялык кызмат, агро өнөр жай комитети, суу чарба, токой чарба министерстволору ж. б. Ушундан улам республикада мониторингдин негизги кемчилиги — бардык жаратылыш комплекстерин пайдаланууну жана коргоону көзөмөлдөөгө, бардык кызматтардын ишин багыттоого жана топтоштурууга жөндөмдүү бирдиктүү уюмдун жоктугунда да экени көрүнүп турат. Ошол эле учурда бир катар союздук республикаларда Жаратылышты коргоо боюнча мамлекеттик комитет түзүлүп, бир топ жакшы иштерди жүргүзүп жатат. Алардын укуктук абалы республикалык закон менен жөнгө салынып турат, иши бир эле уюштуруучулук принципке негизделгени менен, өзгөчөлүктөрү да бар.

Ар бир комитеттин укуктук статусу ал жөнүндөгү жоболодо аныкталган. Ал эми жобо болсо союздук республикалардын өкмөтүнүн чечими менен бекитилет. Комитеттер алдындагы милдеттер эки топко бөлүнгөн: биринчиси — жаратылышты коргоо закондорунун сакталышын көзөмөлдөө кызматына кирген милдеттер (Украина, Грузия). Экинчиси — республиканын жаратылыш байлыктарын сактоо жана калыбына келтирүү боюнча милдеттер, корук, заказник, жаратылыш эстеликтери, курортторду коргоо (калган республикалар). Бул милдеттерди жүзөгө ашыруу үчүн бардык комитеттер төмөнкүдөй иштерди аткаруу керек: жаратылышты коргоо маселелери боюнча сунуштарды иштеп чыгуу; жаратылыш байлыктарын пайдаланууну жана жаратылыш чөйрөсүн көрктөндүрүүнүн келечек жана жылдык

пландарын талкуулоого катышуу; министерстволор менен ведомстволордун жаратылышты коргоо боюнча иштерин топтоштуруу; чарбачылык объектилерин куруу жана кайра куруу долбоорлорун аймактарга жайгаштырууда жаратылышты коргоо көз карашынан карап, бүтүмүн чыгарып берүү менен, схемаларын карап чыгуу; өзгөчө коргоого алынган жаратылыш объектилеринин жана мергенчилик фондусунун режиминен сакталышын көзөмөлдөө; үгүт-насыят иштерин жүргүзүү. Бардык касиеттерге тиешелүү бул иштер менен катар өзгөчөлүү милдеттери да бар. Алсак, Белорус ССРинин жаратылышты коргоо боюнча комитети көбүнчө сууну коргоо жана пайдалануу жагына көңүл бурат. Азербайжан менен Литвада мергенчилик фондусуна жана өзгөчө коргоодогу жаратылыш объектилерине багытталган. Грузин ССРинин комитетине табигый кырсыктарды алдын алуу, деңиз жээктери көчүп же бузулушуна каршы күрөш иштерин көзөмөлдөө жүктөлгөн. Грузия, Украина жана Молдавия комитеттерине абаны булгоодон сактоо көзөмөлү мүнөздүү (бул иш айрыкча Грузияда баса көрсөтүлгөн).

Республикалык комитеттердин бири калбай жаратылышты коргоого катышкан коомдук уюмдарга жетекчилик кылып турат. Украина менен Белоруссиянын мамлекеттик комитеттери белгиленген тартип боюнча чет эл уюмдары менен курчап турган жаратылыш чөйрөсүн коргоо жаатында кызматташтыкты кеңитүү жана бекемдөө чараларын жүзөгө ашырып, жаратылышты коргоо боюнча эл аралык уюмдарга катышат.

Жаратылышты коргоо боюнча мамлекеттик комитеттеринин укуктарынын айрым элементтери өнүгүп-өркүндөп баратканын белгилей кетүү керек. Алсак, Азербайжандын жаратылышты коргоо комитети мергенчилик кылуу, балык уулоо эрежесин жана мөөнөтүн бузгандарды кылмыш жоопкерчилигине тартыш үчүн тергөө уюмдарына жөнөтүп, мамлекеттик мергенчилик фондусуна, балык запасына, токой чарбачылыгына зыян келтиргени үчүн доого жыгып, токойду кыйган, айбанат, канаттуу, балыктарды өлтүргөн куралдарды тартып алууга укуктуу.

Украина комитети белгиленген тартип боюнча курчап турган чөйрөнү коргоонун бардык эрежелерин бузган кишилерди материалдык жана административдик жоопкерчиликке тартууга акылуу. Ал эми Грузин ССРинин жаратылышты коргоо комитети жаратылышты булгануудан сактоого көбүрөөк көңүл бөлөт. Маселен, ал жаңы жана оңдолуп курулган эл чарба объектилери курчап турган чөйрөгө залакасын тийгизбөөчү долбоордук иштердин баарын

аткармайын пайдаланууга берүүгө тыюу сала алат жана иштеп жаткан ишкана, жана башка объектилер агын суу-ларды, түтүндү, газдарды зыянсыздандырып, өндүрүштүк калдыктардан, таштандылардан тазартмайын токтотуп коё алат.

Союздук республикаларда жаратылышты коргоо боюнча адистештирилген уюмдар түзүлүш жагынан да мерчемдүү айырмачылыктарга ээ. Маселен, Украин, Белорус, Молдаван, Грузин, Азербайжан комитеттеринин төрагалары союздук республикалардын өкмөтүнүн составына кирет. Литва комитетинин төрагасы өкмөт мүчөсү болуп саналбайт. Бул комитеттердин төрагаларын шайлоо тартиби да чечилген. Украин, Молдаван, Грузин комитеттеринин төрагаларын түздөн-түз республиканын Жогорку Совети дайындайт, ал эми Азербайжан комитетинин төрагасы республиканын Жогорку Советинин Президиумунун указы менен бекитилет. Белоруссия менен Литвада аларды республиканын өкмөтү дайындайт. Бул комитеттердин аппаратында жаратылыш объектилери жана чөйрөсүн коргоо боюнча атайын бөлүмчөлөр иштейт. Украин жана Грузин мамлекеттик комитеттеринин борбордук аппаратында кызматтар бир топ бутактанып кетет. Алсак, Украин комитетинде төмөнкүдөй мамлекеттик инспекциялар бар: кыртышты коргоо жана пайдалануу; токой жана башка өсүмдүктөрдү коргоо; сууларды коргоо, коруктарды, илбээсиндерди жана балыктарды коргоо; курчап турган чөйрөнү коргоо жана долбоорлоону көзөмөлдөө; үгүт-насыят инспекциясы ж. б.

Жаратылышты коргоонун бардык маселелерин республикалык комитеттердин ар бири эле камтый бербесе да, милдет жана уюштуруу жаатында бир аз дал келбестиктер болсо да, мындай комитеттердин түзүлүшүн өзүн жакшы көрөлгө катары кароо керек. Мындай комитеттери жок союздук республикалар бул тажрыйбаны кабыл алууга тийиш. Анткени айрым учурларда илим менен техниканын жетишкендиктерин олокосуз пайдаланып, нечен кылымдар бою адамга кызмат өтөй турган жаратылышка доо кетирип жаткан чакта мындай комитеттердин болушу замандын талабына төп. Жаратылышты коргоо боюнча мамлекеттик комитетти Кыргызстанда да түзүүгө эчак мезгил жетти. Республикабыздагы жаратылыш абалын мамлекеттик көзөмөлдөө системасында өкүм сүрүп турган ведомстволук бөлүнүп-жарылуучулукту четтетүү максатында Кыргыз ССР Министрлер Советинин жаратылышты коргоо боюнча мамлекеттик комитетин түзүү керек.

ЖАРАТЫЛЫШТЫ КОРГОО БОЮНЧА КООМДУК УЮМДАРДЫН ИШИ

Коммунисттик партия жана совет өкмөтү эмгекчи элди массалык коомдук уюмдардын активдүү жардамы, эмгекчилердин өзүлөрүнүн уюштуруу-саясий чаралары, ишендирүү, жана түшүндүрүү жолдору менен тарбиялайт. Абдан өркүндөтүлгөн укук нормалары да мерчемдүү уюштуруу иштери менен бекемделбесе, жарытылуу майнап чыкпайт. Жаратылышты коргоо жаатында кылмышты болтурбоочу моралдык жагдайды түзүү, коомдук пикирдин күчү зор мааниге ээ. Коомдук ишкердик чаралары менен элди жаратылышты коргоо эрежелерин сактай билүүгө үйрөтүү керек. Муну Ленин: «Адегенде эмнеси болсо да ынандырып, анан мажбурлоо керек»,— деп айткан.

Коомчулуктун өз уюмдары аркылуу жаратылышты коргоого катышуусу — эмгекчилерди мамлекеттик башкарууга тартуу жолдорунун бири. Биерде мамлекеттин тарбия милдетинин аткарылышына жагымдуу жагдай түзүлөт. Ошон үчүн Совет мамлекетинин негизги законунун маанисин түшүндүрүп келип, М. И. Калинин: «Конституциянын статьялары граждандардын укуктары менен милдеттеринин укуктук гана катталышы эмес, элди тарбиялоонун кубаттуу каражаты да болуп саналат»,[1]— деп бекеринен айткан эмес.

Жаратылышты коргоо иштерине кеңири коомчулукту тартуу: — бардык область, шаар, райондордогу кишилерди, асыресе өсүп келаткан муундарды үгүт-насыят, тарбия, уюштуруу ишине тартуу зарылдыгынан;

— эсепке алып, үйрөнүп, күнүгө коргоого алуучу жаратылыш объектилеринин жана жаратылыш байлыктарын коргоодо чечилбеген маселелердин көптүгүнөн;

— жаратылышты коргоо боюнча мамлекеттик уюмдардын милдетин коомдук уюмдарга акырындап өткөрүп берүү зарылдыгынан улам келип чыккан.

В. И. Ленин коммунисттик коомдук тартипке өтүүнү мүнөздөп келип, аны бардык эмгекчилерди коомдун бардык иштерин башкарууга катыштыруу менен тыгыз байланыштырган. Ал көзөмөл менен отчеттуулуктун бардык жөнөкөй милдеттерин адегенде баары кезектешип аткарып, анан ал көнүмүш ишке айланып, акыры, өзгөчө бир кишилердин бөтөнчө милдети катары болбой кала турган тартипти акырындап орнотуу керектигине чоң маани берген.

Коомчулуктун жаратылышты коргоого катышуу форма-

[1] Калинин М. И. Коммунисттик тарбия жөнүндө М., 1956, 182-б.

лары ар кандай. Кыргыз ССРинин коомдук уюмдар системасында Жаратылышты коргоонун республикалык коому маанилүү орунду ээлейт. Ал 1963-жылы түзүлгөн, анын жер-жерлерде бөлүмдөрү бар.

Жаратылышты коргоо боюнча ири уюмдарга М. В. Фрунзе атындагы айыл чарба машиналарын куруу заводу, Ош пахтадан кездеме токуу бирикмеси, өндүрүштүк автотрест, «Нарынгидро кубат курулуш», Ысык-Көл параходствосу ж. б. кирет.[1] Бул коомдун уставына ылайык анын милдетине төмөнкүлөр кирет: Кыргыз ССРинде жаратылышты коргоо жана байлыктарын сарамжал пайдалануу боюнча жалпы иштерге жетекчилик кылуу, бул иштерге калктын кеңири массасын тартуу, жаратылышты жашылдандыруу жана коргоо, байлыктарды туура пайдалануу, жаратылыш объектилерин коргоо үчүн коомдук көзөмөлдү уюштуруу, жаратылыш жөнүндө билимди, жашылдандыруунун маанисин насыяттоо, жаратылышты сүйүүгө тарбиялоо, жаратылыш байлыктарын пайдалануу жана арттыруу боюнча мамлекеттик, коомдук, чарбалык уюмдар жүргүзүп жаткан иш чараларга кол кабыш кылуу.

Кыргыз республикалык жаратылышты коргоо коому, Борбордук Советтин Президиуму жана жергиликтүү бөлүмдөр милдетин өтөө үчүн калкты жаратылыш байлыктарын сарамжал пайдаланууга тартып, токой, суу, аба, топурак, айбанаттарды коргоого, кыртышты коргоочу токой тилкелерин түзүүгө багытталган мамлекеттик иш чараларга көмөк көрсөтүп, жаратылыш, анын байлыктарын сактоо жана сарамжал пайдалануу жөнүндөгү билимди насаатгап, бул максатта лекция, илимий доклад, маек, талкуу жана башка иштерди уюштурат. Мектептерде, жогорку жана атайын окуу жайларында жаштарды жаратылышты сүйүүгө тарбиялоо, анын байлыктарын кылдат жана туура пайдалануу боюнча көмөк көрсөтөт.

Президиум жаратылышты пайдалануу жана көрктөндүрүү боюнча комплекстүү иш чаралардын планын, ири курулуштардын долбоорун, жаратылыш байлыктарын коргоо жана калыбына келтирүү маселелерин карооо катышат. Кыргыз ССР Министрлер Советинде жана эл депутаттарынын жергиликтүү советтеринин аткаруу комитеттеринде жаратылыш байлыктарын туура пайдалануу, аны коргоо боюнча сунуштар жана коомчулуктун катыштыгына байланыштуу маселелер иштелип чыгып, сунуш кылынат, жаратылыш эстеликтерин таап, алардын эсебин алат, чо-

[1] Жаратылышты коргоонун Кыргызстан коомунун IV съездинин материалдары. Ф., 1983, 9-б.

гулган материалдарды үйрөнүшүп, ал эстеликтерди коргоо боюнча сунуштарды иштеп чыгат.

Кыргызстан жаратылышты коргоо коомунун уюткусу болуп баштапкы уюмдар эсептелет. Алар өз ишинде КПССтин Программасын, Кыргыз ССР Конституциясын, партия менен өкмөттүн жаратылышты коргоо жаатындагы чечимдерин, Кыргыз ССРинин «Жаратылышты коргоо жөнүндөгү» законун, коомдун уставын, съезддеринин чечимдерин, Жаратылышты коргоо коомунун Борбордук Советинин токтомдорун, Кыргыз республикалык жаратылышты коргоо коомунун баштапкы уюмдар жөнүндөгү жоболорун жетекчиликке алат. Коомдун баштапкы уюмдары өнөр жай ишканаларында, колхоз-совхоздордо, токой чарбаларында, мекемелерде, окуу жайларында, транспорт мекемелеринде, айыл жана кыштак советтеринде, үй башкармаларында, кооперативдерде жана башка уюмдарда коомдун бештен кем эмес мүчөсү болгон учурда түзүлөт. Ага жашы 16га жеткен, коомдун уставын билген, жумушундагы, окуусундагы же жашаган жериндеги жергиликтүү уюмдардын биринде мүчөлүккө туруп, мүчө акысын төлөгөн СССР гражданини мүчө болуп кире алат. Окуучулар болсо коомдун Борбордук Советинин Президиуму бекиткен Жобонун негизинде иштөөчү коомдун жаштар секциясына мүчө боло алат. Ал эми мамлекеттик, кооперативдик жана башка коомдук ишканалар, мекемелер жана уюмдар Кыргыз республикалык жаратылышты коргоо коомуна коллективдүү мүчө боло алат.

Жаратылышты коргоо коомуна мүчөлүккө төмөнкүчө кабыл алынат:

граждандарды — баштапкы уюмдар, эгер андай уюмдар жок болсо — коомдун жергиликтүү бөлүмдөрү;

Ишкана, мекеме, уюмдарды — анын жетекчилеринин кагаз жүзүндөгү арызы боюнча коомдун шаардык, райондук советтеринин президиуму.

Кыргыз республикалык жаратылышты коргоо коомунун жогорку жетекчи органы — съезд. Ал коомдун Борбордук Совети аркылуу беш жылда бир чакырылат. Кезексиз съезди Борбордук Советтин демилгеси менен, же коомдун бардык мүчөлөрүнүн үчтөн биринин талабы боюнча чакырышат. Съезд шайланган өкүлдөрдүн жарымынан көбү катышса гана укуктуу деп саналат. Кыргыз республикалык жаратылышты коргоо коомунун Борбордук Советинин аткаруу уюму Президиум болуп эсептелет.

Республиканын жаратылышын коргоо, анын байлыктарын арттырууда коомдун, райондук, шаардык, областтык бөлүмдөрүнүн жетекчилери менен коомдук инспекторлор,

ишкана, мекеме, уюм, колхоз-совхоздордогу коомдук посттор, жаштар уюмдарындагы мектеп токойчулугу, окуучулардын өндүрүштүк бригадалары, жашыл жана көгүлтүр көзөмөлчүлөр көп иштерди жүргүзүшөт. Республиканын орто жана сегиз жылдык мектептеринде 1350дөн ашык жашыл күзөтчүлөр отряды, 24 мектеп токойчулугу бар, жаш ботаниктердин, жаратылыш досторунун минден ашык ийрими уюшулуп, ага 30 минден ашык окуучу тартылган.

Жаратылышты коргоо боюнча жылыга ар түрдүү плакаттар чыгарылып, мерчемдүү жерлерге эскерткичтер илинет. «Кыргызстан айыл чарбасы» журналында, республикалык, областтык, райондук газеталарда, айрыкча «Ленинчил жаш» жана «Кыргызстан пионери» газеталарында жаратылышты коргоого атайын бет арналып, анда бул маселе боюнча көрүлүп жаткан иштер, келечек пландар чагылдырылып турат.

Борбордук Совет, жергиликтүү бөлүмдөр курчап турган чөйрөнү коргоо боюнча мамлекеттик документтерди жана закон актыларын даярдоодо жана кароодо активдүү катышып келди. Кыргызстанда көп жылдан бери жаратылыш объектилерин коргоого адистешкен коомдук инспекциялар, коомдук мергенчилик инспекциялары, балыкты коргоо боюнча коомдук инспекциялар жана башкалар ийгиликтүү иштеп жатат. Буга «Чыгыш ортоазиялык балык чарбачылыгынын» коомдук инспекциясынын ишин мисал келтирсе болот. Алар балык коргоо ишине, маселен, 1984-жылы 392 коомдук инспекторду тартып, 12 совет (штаб), браконьерлерге каршы күрөшүү боюнча адистештирилген 13 ыктыярдуу кошуун түзүшкөн.

Башкарманын алдында коомдук балык коргоонун Борбордук Совети түзүлүп, ага радио жана теле көрсөтүүнүн, ички иштер министерствосунун, жаратылышты коргоо коомунун жана башка уюмдардын өкүлдөрү кирип, алар советтердин ишин жалпылаштырып, багыт берип турат. Алар ыктыярдуу жардамчыларына браконьерлерге каршы күрөш жолдорун үйрөтүп, сууну булгаган учурларды аныктап, кез-кези менен көлмөлөргө биргелешип чыгышат. Мындай иштер, албетте, оң натыйжаларды берүүдө. Маселен, 1984-жылы коомдук инспекторлор өз алдынча 1050 тартип бузууларды кармашкан. Коомдук инспекторлор жана милиция кызматкерлеринен тышкары радио, телекөрсөтүү жана басма сөз, партиялык жана советтик уюмдардын өкүлдөрү менен биргелешкен рейд өткөрүү да кеңири кулач жайды. Коомдук инспекторлор калк алдында лекция окуп, фотостенд, көргөзмө уюштуруп, басма сөзгө материал жазып турушат. Алардын мындай ишине мектеп окуу-

чулары чоң көмөк көрсөтүүдө. Башкарманын системасында, маселен, 1984-жылы 59 «жашыл күзөтчүлөр» отряды болуп, ага 1242 пионер жана окуучулар катышкан. Алар балык запасын курутпоо боюнча иштерди жүргүзүп, элге, айрыкча курбалдаштарына балык улоо эрежелерин насыяттайт.

«Жашыл күзөтчүлөр» отряды Ысык-Көлдүн жээгиндеги эс алуу жайларын тартипке келтирүү боюнча чоң иштерди жүргүзүшүүдө. Алардын күчү менен пляждар жана бадал арасы ыкыр-чикирден арылып, булактар да тазартылды. Бул иштерди аткарган кезде окуучулар эс алуучулар менен бирдикте санитардык гигиенанын эрежелерин сактоо боюнча иш чараларды жүргүзүштү. Пионерлер менен окуучуларды «Көгүлтүр күзөтчүлөр» отрядына тартуу иштерин жакшыртуу максатында башкарманын демилгеси менен Кыргызстан ЛКЖС БК, Кыргыз ССР агартуу министерствосунун коллегиясы, Кыргыз республикалык жаратылышты коргоо коомунун Борбордук Советинин Президиуму жана «Чыгыш ортоазиялык балык чарбачылыгы» башкармасы менен бирдикте отряд мүчөлөрүнүн милдеттерин жана укуктарын так аныктаган токтом кабыл алган. Маселен, областтык, шаардык, райондук, комсомол комитеттеринин, элге билим берүү бөлүмдөрүнүн жаратылышты коргоо советтеринин милдеттерине мектептерде «Көгүлтүр күзөтчүлөр» отряддарын уюштуруу, алардын жылына «Жандуу күмүш» операциясын жана башка иш чараларды аткарышын ар тараптан камсыз кылуу кирет.

Бул токтом көбөйтүлүп, республиканын бардык мектептерине, комсомол комитеттерине, элге билим берүү бөлүмдөрүнө, балык коргоо инспекцияларына жөнөтүлгөн. Анда көлмөлөрдөгү балыктарды коргоо жана көбөйтүү боюнча мектептерде мыкты иштердин кароосунун шарттары иштелип чыккан жана бекитилген. Кароонун жыйынтыгы республикалык калыстар тобу тарабынан жылына 20-июлда чыгарылат. Жеңүүчүлөр үчүн акчалай сыйлык, Кыргызстан ЛКЖС БКнын, Кыргыз республикалык жаратылышты коргоо коомунун Борбордук Советинин Президиумунун жана «Чыгыш орто азиялык балык чарбачылыгы» башкармасынын грамоталары белгиленген.

Жаратылыштын жаш коргоочуларынын алгылыктуу иштери республикада арбын. Алардын көпчүлүгү пландуу иш жүргүзүп, жаратылышты коргоо боюнча союздук масштабдагы иш чараларга катышып турат. Маселен 1986-жылы 3—9-январда илим менен техниканын бүткүл союздук жумалыгы өткөрүлдү. Жумалыктын негизги иш чарасы бүткүл союздук кароонун жеңүүчүлөрүнүн чыгармачыл

иштеринин конкурсу эле. Кыргызстандын өкүлдөрү «Жаш техниктер, натуралисттер жана изилдөөчүлөр эл чарбасына, чөйрөнү коргоого» деген секциялар боюнча иштерди коргоого катышты.

Кыргызстандын мектептеринде 13500 окуучуну кучагына алган натуралисттердин жана биологдордун 900дөн ашык ийрими бар. Ошондой эле 4 миң гектар токойду багып, көзөмөлгө алган 38 мектеп токойчулугу иштейт. Өткөн жылы алар 90 гектар жерге дарак тигип, 250 гектар токойду жаңылады.

Мектеп токойчулугунун республикада болуп өткөн кароосу, анда жеңип чыккандар жалпы эле мектеп окуучуларынын жаратылышты коргоо ишине кызыгуусун арттырып, ишин кыйла жандандырды. Жеңүүчүлөрдүн арасында Жети-Өгүз районундагы Чоң-Жаргылчак сегиз жылдык мектеби, Түп районундагы Элебаев атындагы орто мектеп СССР эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүнүн катышуучулары болуп калышты. Жаш токойчулар жалаң дарак отургузуу менен чектелбестен, мөмө-жемиштерди канаттуулар үчүн уруктарды чогултушат, жапайы камандар үчүн картошка өстүрүшөт, кумурска дөбөлөрүн чоңойтуп, аларды ар кай жерге көчүрүп көбөйтүшөт.

Токой өсүмдүктөрү менен изилдөө иштерин жүргүзгөн окуучулар да бар. Алар биздин тоолуу аймакта кызыл карагай, лиственница, кайыңдардын өсүшүнө таасир тийгизүүчү факторлорду үйрөнүшүп, чарбаларда алардын өсүшү 67 процентти түзсө, окуучулар 85 процентке жеткиришти. Жалал-Абаддагы жаш натуралисттер станциясынын токойчулары насаатчылардын жана Кыргыз ССР ИАнын Биология институтунун илимпоздорунун жетекчилиги менен грек жаңгагынын кышында өсүш шартын изилдешти.

Көгүлтүр жана жашыл күзөтчүлөр отряддарынын мүчөлөрү көлмөлөрдү, эл жашаган жерлердеги, жол боюндагы даректарды коргоо боюнча көп иштерди жүргүзүшүүдө. Бул топтордогу 20 миңден ашык пионерлер менен мектеп окуучулары жылына 250 миңден ашык көчөт отургузуп, колхоз-совхоздордун, өз мектептеринин тегерек-чекесин көрктөндүрүүгө кол кабыш кылышат. Эки жылда алар 500 миңден ашык чабакты өстүрүшүп, 6,2 тонна дары чөп чогултушкан.

Окуучуларды мындай иштерге кызыктыруу ишин өркүндөтүү үчүн жаратылыштын жаш сүйүүчүлөрүнүн кароосу өтүп, алардын ондон ашык эң мыктылары СССР жана Кыргыз ССР эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөлөрүнүн катышуучулары болушат. 1986-жылы, маселен, жаш натуралисттер мектептеринин республикалык кароо-

сунун жеңүүчүлөрү болуп Чүй районундагы Шамшы орто мектебинин 8-классынын окуучусу Бактыгулова А. (токойчу), Токмоктогу № 7 орто мектептин 8-классынын окуучусу Исмаилов Ж. (зоолог), ошол эле класстан Растрынина Г. (коён өстүрүүчү), Сокулук районундагы Новопавловка орто мектебинин 7-классынын окуучусу Караванцев В. (ботаник), Жалал-Абаддагы № 5 орто мектептин 8-классынын окуучусу Матаев Э. (зоолог), ошол эле класстан Жунев В. (токойчу), Фрунзе шаарындагы № 64-мектептин 8-классынын окуучусу Макрыщева Т. (жашыл күзөтчү) табылды. Окуучуларды жаратылышты коргоо ишине ушундай жолдор менен тартуу формалары мындан ары да өнүктүрүлө бермекчи. Ошолордун бири Кант районундагы Төмөнкү-Серафимовка орто мектебиндеги жаратылышты коргоонун жаш сүйүүчүлөрүнүн клубу беш жылдан бери иштейт. Алардын бүт иши окуучуларды жаратылышты коргоого жана сарамжал мамиле кылууга, Мекенди сүйүүгө тарбиялоого багытталган. Алардын ураany: «Жаратылышты коргоо — бул Мекенди коргоо», Окуучулар жаратылышты коргоо темасында реферат жазып, альбом даярдашып, «СССРдин корук жерлери», «Кыргызстандын дары өсүмдүктөрү», «Айылыбыздын канаттуу достору» деген темаларда көргөзмө уюштурушуп, «Мекенибизди гүлгө бөлөйбүз» деген конкурс өткөрүштү.

Алар түзгөн кичи Кызыл китепке республикадагы мамлекеттик коргоого алынган жаныбарлар жана өсүмдүктөр киргизилди. Клубдун ишинде алгачкы гүлдөрдү сактоого багытталган «Байчечекей», «Жоогазын» операциялары да көңүл бурууга арзыйт. Операция болор алдында атайын штаб түзүлүп, көзөмөлчүлөрдүн командири дайындалат. Көзөмөлчүлөр отряды тоолордо күзөт жүргүзүп, алгачкы гүлдөр көп чыккан жерлерди картага түшүрүшөт. Биология жана химия мугалими Л. И. Гуманцованын жетекчилиги менен клубдун мүчөлөрү даректардын, бадалдардын, чөптөрдүн түрүн изилдешет. Клубдун мүчөлөрүнөн түзүлгөн атайын топтор калк арасында жаратылышты коргоо жана байлыктарын сарамжал пайдалануу боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзөт. Мектепте атайын участоктор түзүлүп, анда баалуу дарак жана бадал породалары отургузулган, дары өсүмдүктөрүнүн уруктары чогултулган. Кароонун жүрүшүндө клубдун мүчөлөрү Улуу Ата Мекендик согуштун баатырларынын ысымын алып жүргөн көчөлөрдөгү жана согуш ветерандары жашаган үйлөрдөгү даректарды шефке алышкан. Ушундай алгылыктуу иштерден улам Төмөнкү-Серафимовка орто мектебинин жаратылыштын жаш сүйүүчүлөр клубунун мүчөлөрү республикалык

кароонун жыйынтыгы боюнча жеңүүчү деп табылган. Алардын мындай үлгүлүү иштери башка мектептер үйрөнүүгө жана кеңири жайылтылууга татыктуу.

1963-жылы түзүлгөн Кыргыз республикалык мергенчилер жана балыкчылар коому да алгылыктуу иштерди бүткөрүүдө. Кыргыз мергенчи-балыкчылар союзу коомдук ыктыярдуу массалык уюм, ал ишин партиялык, советтик уюмдардын жетекчилиги астында, профсоюз, илимий, кооперативдик уюмдар менен ыктыярдуу негизде биргелешип иштеп, өз алдынча чарбалык эсеп жүргүзүп, бардык жетекчилерин шайлоо аркылуу бекитет. Анын милдетине мергенчилер менен балыкчыларды бул спортко массалык түрдө тартуу, уруксат берилген жерлерге балык уулоо жана мергенчилик кылуу, илбээсиндер менен балыктын запасын сактоо жана көбөйтүү, эл чарбасын өнүктүрүү милдеттерине ылайык мергенчилик жана балыкчылык чарбасын өнүктүрүү жана туура жүргүзүү кирет.

Кыргыз ССР мергенчилер жана балыкчылар коомунун союзу закондо белгиленген тартип боюнча мергенчилик жана балыкчылык чарбаларын — райондук, район аралык, шаардык жана областтык мергенчилер жана балыкчылар бирикмелерин түзүп, аларда чарбачылыкты жана спортту өнүктүрүү боюнча иштерди жүргүзөт. Мергенчилик кылуу жана балык уулоо эрежесин жана мөөнөтүн сактоого коомдук көзөмөл кылат, браконьерлерге, «Кыргыз ССРинин жаратылышты коргоо законун» жана башка жаратылышты коргоо актыларын бузгандарга каршы активдүү күрөш жүргүзөт.

Коомдун жогорку органы — съезд. Күнүмдүк жетекчиликти шайланма башкарма жүргүзөт, анын составында төрага, орун басары жана башкарма мүчөлөр болот да, алар съезд аралыгында жетекчилик кылып турат.

Көп жылдан бери Кыргызстанда коомдук мергенчилер инспекциясы, коомдук балыкчылык инспекциясы үзүрлүү иштеп жатат. Жобого ылайык алар мыкты мергенчилерден жана ышкыбоздордон куралат. Алар мамлекеттик мергенчилик көзөмөлүнүн жетекчилиги жана тапшырмасы боюнча мергенчилик эрежелеринин сакталышына жана жаныбарлар дүйнөсүнүн корголушуна көзөмөл кылышат. Ал үчүн жергиликтүү элге таянып, аларды жана коомдук уюмдарды жаратылышты коргоо ишине тартат. Балык коргоо жаатында коомдук инспекциялар балык кармоо ишканаларынын кызматкерлеринен, ышкыбоз балыкчылардан түзүлөт. Бул инспекциялар балык запастарын пайдалануу жана коргоону коомдук көзөмөлгө алууда мамлекеттик балык кармоо инспекцияларынын жетекчилиги астында иштешет.

Көзөмөлдү күчөтүү максатында эл депутаттарынын райондук советтеринин аткаруу комитеттери балык коргоо уюмдары менен бирдикте администрациялык райондо коомдук балык коргоо инспекторлорунун тобун түзүшөт. Балык коргоо уюмдарына жардам иретинде эл депутаттар совети, колхоз-совхоздор, ишкана, мекеме, ыктыярдуу спорт коомдору жана башка мамлекеттик жана коомдук уюмдар ак-сезимдүү жана активдүү кызматкерлерден коомдук инспекторлорду бөлүп берет.

Токой чарбасы жана токойду коргоо уюмдары менен коомдук уюмдардын байланышын чыңдоо, эмгекчилерди токой байлыктарын сарамжал пайдалануу жана сактоого көзөмөлдү күчөтүүгө кеңири тартуу үчүн мамлекеттик токой инспекторлорунун жетекчилиги астында иштөөчү штаттан тышкаркы токой инспекторлорунун тобу түзүлөт.

Коомдук инспекциялардын милдети жаратылышты коргоонун жалпы милдеттерине баш ийдирилген. Алардын негизги милдети — жаратылышты коргоо боюнча мамлекеттик инспекторлорго жардам берүү. Жаратылышты коргоо жана байлыктарын сарамжал пайдалануу ар кандай терс көрүнүштөргө биргелешип кеңири чабуул коюш үчүн алардын үзгүлтүксүз карым-катнашы керек.

Курчап турган чөйрөнү коргоо жаатындагы бардык коомдук жумуштарга эл депутаттарынын областтык, райондук, шаардык, айылдык жана поселкалык советтеринин аткаруу комитеттери жетекчилик кылат. Тиешелүү аткаруу комитеттерде жаратылышты коргоо боюнча коомдук инспекцияларды түзүү Кыргыз ССРинин жаратылышты коргоо жөнүндөгү законунда каралган. Ал инспекциялар жаратылышты коргоо боюнча мамлекеттик уюмдар менен макулдашылган план боюнча иштөөгө тийиш. Кээде инспектор өз объектисин көзөмөлдөп, башка объектиде болуп жаткан тартип бузуулардын жанынан кыя өтүп кеткен учурлар болот.

Аткаруу комитеттеринде коомдук инспекцияларды түзүү үстөк үзүр берет. Биринчиден, жаратылышты коргоо боюнча коомдук инспекциялардын иши үзүрүн берсе, экинчиден, эл депутаттарынын туруктуу комиссияларынын иши жанданат, анткени алар коомдук инспекторлор аркылуу жаратылышты коргоо боюнча законду сактоого ыкчам көзөмөл кылуучу мыкты жардамчылар табышат.

Жаратылышты коргоо боюнча коомдук инспекторлордун укуктары менен милдеттерин талдап көрүп, аларды кошумчалоо, кеңитүү жана топтоо керек деген пикирге келдик. Кыргыз ССР Министрлер Совети жаратылышты коргоо боюнча коомдук инспекциянын укуктары менен милдет-

терин кеңиткен типтүү жобону жаратышы максатка ылайык.

Курчап турган чөйрөнү коргоодо профсоюздар активдүү катышууда, анткени алар миллиондогон жумушчулар менен кызматчылардын мүдөөсүн көздөйт. Алардын иши да коомдук эмгектин өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууга, элдин эмгек жана тиричилик шарттарын, эс алуусун жакшыртууга багытталган. Эмгекчилердин жашоо чөйрөсүнүн бир бөлүгү катары жаратылышты коргоо да алардын камкордугуна алынган. Эмгекчилердин эмгегин, саламаттыгын жана жыргалчылыгын коргоо жагынан алганда, профсоюздардын курчап турган чөйрөнү жакшыртууга байланышкан иштеринин мааниси өтө чоң.

Профсоюздардын уставында жана алардын жетекчи уюмдарынын атайын чечимдеринде профсоюз уюмдардын жаратылышты коргоо, калыбына келтирүү жаатында негизги милдеттери, жаратылышты коргоо боюнча атайын мамлекеттик уюмдар менен өз ара мамилеси аныкталган.

Профсоюздар өндүрүштүн зыяндуу калдыктарын чектөө жана жок кылуу, тазалоочу курулуштарды оң кармап, натыйжалуу пайдалануу, өндүрүшкө калдыксыз жана калдыгы өтө аз технологияны киирүү, бул ишке профсоюз мүчөлөрүн тартып, жаратылышты коргоо чараларын — чарбак ичин, эс алуучу жерлерди жашылдандыруу ж. б. бүткөрүүгө байланышкан иштерге көңүл бөлөт. Ошондой эле экологиялык жактан мыкты технологияны жана ыкмаларды түзүү үчүн рационализаторлордун кыймылын жайылтуу менен жаратылышты жакшыртуу маселесин да чечет.

Комсомол уюмдары да жаратылышты коргоодо көп иштерди бүткөрөт. ВЛКСМдын XVII, XVIII съездеринен кийин комсомолдордун бул ишке катышуусу бир кыйла жанданды. Кыргызстан ЛКЖС БКнын алдында түзүлгөн Жаратылышты коргоо совети комсомолдордун бул багыттагы иштерин активдештирүүдө бир топ жакшы иштерди аткарды. Бул жагынан алардын кызыл ишембиликтердеги бүткөргөн иштери жаратылышты коргоодо, калыбына келтирүүдө чоң салым болуп эсептелет.

Алар жаштар, пионерлер жана окуучулар менен бирдикте жаратылышка, аны пайдаланууга менимче сарамжал мамиле кылуу боюнча патриоттук көптөгөн кыймылдардын демилгечиси.

Комсомолдо жаратылышты коргоо коомдору менен бирдикте жаратылыш жөнүндөгү билимди насыяттап, жаштарда тууган жерди сүйүү сезимин тарбиялап, аларды жаратылышты коргоо боюнча ачык-айрым иштерге чегерет. Маселен, мектеп участкасындагы, айланасындагы дарак-

тарды, гүлзарларды коргоп, багып туруу милдеттерин тагат. Мектептердеги, элет жериндеги «Комсомолдук прожекторлор» жаратылышты бүлүндүрүү фактыларын келтирип, күнөөкөрлөрдү эл алдында уяткарган, алардын зыяндуу иштеринен баарына керектүү жаратылыш байлыктары жабыр тартып жатканын чагылдырган учурлар бар. Комсомол-жаштардын, пионерлердин жаратылыштын ээси катары мындай камкордугу, биринчиден, алардын патриоттук сезимин ого бетер бекемдесе, экинчиден, жаратылышты сүйүүгө байланышкан гумандуулук бүчүр байлайт. Үчүнчүдөн, алардын бул иштиктүү аракетинен жаратылыш көркүнө чыгып, ал кийинки муундарга да кызмат өтөө үчүн кубат алат.

КОРУТУНДУ

Жаратылыш байлыктарын сарамжал пайдалануу жана курчап турган чөйрөнү коргоону мамлекеттик башкаруу системасы жаратылыштын өзүнчө элементке — жер, суу, токой, жаныбарлар дүйнөсү, аба деп бөлүнүшүнө карата түзүлгөн. Башкаруу иши көбүнесе жаратылыш байлыктарын керектөөгө, жаратылышты пайдалануу жөнгө салууга ылайыкташтырылган. Азыр бул ведомстволук-тармактык система коом менен жаратылыштын өз ара мамилесинин жаңы шарттарына жооп бербей калды, анткени биринчи планга жаратылышка адамдын жашоо чөйрөсү катары гана комплекстүү мамилесинин зарылдыгы коюлду. Ошон үчүн КПССтин жаңы программасында 1986—1990-жылдарда жана 2000-жылга чейинки мезгилде СССРдин экономикалык жана социалдык өнүгүшүнүн негизги багыттарында башка орчундуу маселелер менен катар жаратылышты коргоо жаатында мамлекеттик башкаруу ишин өркүндөтүү жагына бекеринен көп көңүл бөлүнүп жаткан жок. Бул милдетти ийгиликтүү чечүү үчүн мамлекеттик башкарууну бир колго топтоо кажет, башкача айтканда, жаратылышты коргоо уюмдарынын баарын бир системага бириктирип, ал стратегиялык жактан курчап турган чөйрөнү коргоо жана байлыктарын сарамжал пайдалануу максатынын орундалышына бекем кепил болууга тийиш.

Кыргыз ССР геология башкармасы геологиялык чалгын иштери жүргүзүлгөндө жаратылышты жана анын кендерин коргоо боюнча талаптардын аткарылышын көзөмөлдөп, кендерди геологиялык чалгындоодо сарамжал, илимий жактан негизделген багытты жана натыйжалуу ишти камсыз кылат.

Законго ылайык коргоого алынган жер алды суулардын

азайып же булганууудан сакталышына жана пайдаланышына мамлекеттик көзөмөл жүргүзөт.

Кыргыз ССР мамлекеттик токой чарба комитети республиканын токой байлыктарын сарамжал пайдаланууну жана коргоону камсыз кылат. Ал токойлордун абалына, анын сарамжал пайдаланышына мамлекеттик көзөмөл жүргүзүп, коргоону уюштурат, эл чарбасынын жана калктын муктаждыктары үчүн токой байлыктарын жана айбанаттар дүйнөсүн калыбына келтирип турууну камсыз кылат.

Токойдун суу, талаа, кыртыш сактоо, санитардык жана башка пайдалуу касиеттерин күчөтүү боюнча чараларды иштеп чыгат жана жаратылышты коргоо башкы башкармасы түзүлгөн. Ал ССР Союзунун жана Кыргыз ССРинин мергенчилик спортун өнүктүрүү боюнча закондорунун аткарылышын камсыз кылат. Жаратылышты коргоо министерстволордун жана ведомстволордун керектөө мүдөөсүнүн негизинде гана чечилип, тар ведомстволук абалда болбошу керек. Тескерисинче, жаратылыш байлыктарын пайдаланууну уюштурган министерстволор менен ведомстволордун иши жогорку экологиялык көзөмөлгө баш ийдирилиши керек. Бирок мында алар өз тармактарында жаратылышты коргоо милдетинен ажыратылбайт. Биздин пикирибизче, жаратылышты коргоо жана байлыктарын сарамжал пайдаланууну камсыз кылуу башкармасынын бүтүндөй системасынын башында Жаратылыш боюнча СССР мамлекеттик комитети туруш керек. Ал негизги укуктарынан тышкары эл чарбасынын бардык тармактардагы иштерине олуттуу таасир этүү үчүн техникалык-экомикалык долбоорлордун экологиялык экспертизасынын укугуна ээ болушу керек.

АДАБИЯТТАР

1. КПССтин Программасы. Ф., 1986.
2. КПССтин XXVII съездинин материалдары. Ф., 1986.
3. СССР Конституциясы. Ф., 1977.
4. Кыргыз ССР Конституциясы. Ф., 1977.
5. Постановление Верховного Совета СССР от 20 сентября 1972 г. «О мерах по дальнейшему улучшению охраны природы и рациональному использованию природных ресурсов».— Ведомости Верховного Совета СССР. 1972, № 39.
6. Постановление ЦК КПСС и Совета Министров СССР от 29-декабря 1972 г. № 898 «Об улучшении охраны природы и улучшении использования природных ресурсов».— СП СССР, 1973, № 2.
7. Постановление ЦК КПСС и Совета Министров СССР от 1 декабря 1978 г. № 984 «О дополнительных мерах по усилению охраны природы и улучшению использования природных ресурсов» — СП СССР, 1979, № 2.
8. Положение об управлении рыбного хозяйства Киргизской ССР, утв. 6 июня 1966 г.
9. Положение о Государственном санитарном надзоре в СССР.— Сборник нормативных актов по охране природы.— М., 1978.
10. Положение о государственном контроле за работой газоочистных и пылеулавливающих установок. Сборник нормативных актов по охране природы.— М., 1978.
11. Справочник по рыбоохране. М., 1985.
12. Жариков Ю. Г. Охрана почв — обязанность землепользователей М., 1965, 40-б.
13. Исаченко А. Г. Оптимизация природной среды. М., 1980.
14. Колбасов О. С. Материальная ответственность предприятий за загрязнение окружающий среды. Советская юстиция, 1974, № 20.
15. Петров В. В. Экология и право. М., 1982, 207-б.
16. Шемшученко Ю. С. Организационно-правовые вопросы охраны окружающей среды в СССР.

МАЗМУНУ

Жаратылыштын укуктук жактан корголушу 3
Жаратылышты коргоо жаатындагы мамлекеттик башкаруу 8
Жаратылышты коргоо жаатындагы мамлекеттик уюмдар системасы. 11
Мамлекеттик уюмдардын жаратылышты коргоо иштери . 23
Жаратылышты коргоо боюнча коомдук уюмдардын иши . 26
Корутунду 36
Пайдаланылган адабияттар 38

Анвар Кадыров

ПРАВОВАЯ ОХРАНА ПРИРОДЫ

(На киргизском языке)

Издательство «Мектеп»

Редактору Б. Боркеев
Сүрөт редактору С. Усенов
Техн. редактору Р. Муканбетова
Корректору Д. Ороскожоева

ИБ № 3433

Терүүгө 24. 06. 86. берилди. Басууга 08. 12. 1986 ж. кол коюлду. Д—01259. Китеп-журнал кагазы. Кагаздын форматы $84\times108^{1}/_{32}$. Адабий ариби. Жөнөкөй ыкма менен басылды. 1,25 физ. басма табак, 2,10 шарттуу басма табак, 2,214 учёттук басма табак, 2,31 шарттуу боёк түшүрүү. Нускасы 4000. Заказ № 1245. Баасы 5 т.

«Мектеп» басмасы.
720361, ГСП, Фрунзе ш., Совет көчөсү, 170.

Чүй өндүрүштүк «Полиграфист» бирикмеси. Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча Мамлекеттик комитети. 720616, ГСП, Фрунзе шаары, Мукаш Абдраев көчөсү, 72.

5 т.